**К.Ш. ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ
ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 08.20.606 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

Кол жазма укугунда
**УДК: 338(575/2):339.1:339.31:31**

**Садыралиев Жандаралы**

# КЫРГЫЗСТАНДА АДАМДЫК КАПИТАЛДЫН КАЛЫПТАНЫШЫНА КАЛКТЫН ЖАШОО САПАТЫ ЖАНА ДЕҢГЭЭЛИНИН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИН СТАТИСТИКАЛЫК ЖАКТАН ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

**(Кыргыз Республикасынын мисалында)**

08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу
(экономика жана ишканаларды, тармактарды,
комплекстерди уюштуруу жана башкаруу)

Экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Жалал-Абад-2021**

Диссертациялык иш Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Экономика-юридикалык факультетинин экономика, эсеп жана каржы кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий кеңешчи:** | **Зулпукаров Аманкул Зулпукарович,** экономика илимдеринин доктору, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин экономика, эсеп жана каржы кафедрасынын профессору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Ишенов Бейшенбек Чонмурунович,** экономика илимдеринин доктору, М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономика университетинин экономика жана каржы кафедрасынын профессору |
| | **Тажибаев Серик Дуйсенбиевич,** экономика илимдеринин доктору, профессор, Тараз Гуманитардык-инновациялык университетинин илим боюнча проректору |
| | **Кулуева Чынара Раимкуловна,** экономика илимдеринин доктору, профессор, Ош мамлекеттик университетинин каржы жана банк кафедрасынын башчысы |
| **Жетектөөчү уюм:** | Ош технологиялык университетинин экономика жана каржы кафедрасы, дареги: 723503 Ош шаары, Исанов көчөсү, 810 а, |

Диссертациялык ишти коргоо 2021-жылдын 19-мартында саат 13-00 дө К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.20.606 диссертациялык кеңешинин отурумунда болот. Дареги: 715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү, 30.

Диссертация менен К.Ш. Токтомаматов атындагы эл аралык университетинин китепканасынан (715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Жени-Жок көчөсү, 30) жана Ош мамлекеттик университетинин китепканасынан (723500, Кыргыз Республикасы, Ош ш., Ленин көчөсү, 331), ошондой эле диссертациялык кеңештин www.mnu.kg сайтынын таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 19-февралында таратылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин кандидаты, доцент А.Б. Торогелдиева

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Көп өлкөлөрдүн өнүгүүнүн индустриялык этабынан постиндустриялык этабына өсүп жетиши, ар тараптан адам ресурсунун ээлеген ордуна, маанилүүлүгүнө басым жасай баштады. Негизги мүнөздөмөлөрү – глобалдуулук, технология базасындагы радикалдуу өзгөрүүчүлүк жана өндүрүштү уюштуруунун ыкмаларындагы жанылануулук, жаңычылык, илимди, маданиятты, ден соолукту кошкондогу соцмаданий чөйрөдөгу өсүштү камсыз кылган постиндустриалык коомдун түзүлүшү, кайра кайра өзүнүн көз кырын адам баласына, адамдын проблемасына буруута түртку болууда. Анткени:

- адам баласы коомдун чарбалык турмушунун субьектиси, экономикалык өсүштүн бирден бир фактору катары, дүйнолүк экономист окмуштуулардын теориялык,али изилдене элек (транцендалтык) жаңы изилдөөлөрүнүн обьектиси катары чыгып, кызыгуусун арттырууда;
- коомдун өнүгүшүндө адам баласы индивидиум катары жаратылыштан алган жөндөмдүүлүгүн улам өнүктүрүп, өстүрүп анын үстүнө жаңы жөндөмдүүлүкту билгичтикти, чеберчиликти кошуп олтуруп, өндүрүштүн натыйжалуулугун өстүрүүгө, сапатын жогорулатууга, көлөмдү өстүрүүгө,атаандаштыкка каршы турууга аны жеңе билүүгө жетишип, жаңы горизонтторду ачып келе жаткандыгы адам баласынын, адамдык капиталдын али изилдене турган жагдайлары, көйкөйлөрү көз жеткис экендигин айгинелеп турат, ошондуктан да адамдык капиталды изилдөө бул, актуалдуу изилдөөдеп айтсак туура болот;
- адамдык капиталды натыйжалуу пайдалануу, натыйжалуулугун арттыруу, анын натыйжалуулугун баалай билүү андан ары да калыптандыруунун жолдорун белгилөө, көптөгөн дүйнөлүк өлкөлөрдүн эң башкы багыты болуп калды;
- өзүнүн өнүккөн интелектуалдуу потенциалы менен адам баласы азыркы коомдо эң башкы маанилүү ресурс экендигин далилдей алды.

Ошондуктан да адамдык капиталдын концепциясын: түшүндүрмөсүн, курамын, баалоо методдорун өнүктурүүнүн жолдору тууралуу ушул мезгилге чейинки түшүнүктөрдү кайра карап чыгуунун зарылдыгы келип чыгууда.

Азыркы мезгилге чейин адамдык капиталдын концепциясынын негизги түшүнүктөрү болгон “адамдык потенциал”, “адамдык капитал” түшүнүктөрү жеткиликтүү денгээлде эле изилденип,талданып окуп үйрөнүлүп калган. Ал эми адамдык капиталдын концепциясынын башка элементтери болгон “калктын жашоо сапаты”, “калктын жашоо денгээли”, “адамдык өнүгүү”, “калктын жыргалчылыгы” деген түшүнүктөр ушул күнгө чейин толук изилдене элек болуп, ушул тармактагы экономикалык изилдөөлөрдүн негизги багыттары болуп эсептелинет.

“Жашоонун сапаты” деген бул татаал синтетикалык категория, ал өзүнүн ичине адам баласы үчүн керек болгон маанилүү шарттарды камтыйт, адамдын өсүп бараткан керектөөсүнүн жана кызыкчылыктарынын бардык бутактарын комплекстүү камсыз болушунун деңгээлин жана даражасын чагылдырат,

башкача айтканда адамдык капиталдын калыптанышына шарт түзгөн категория болуп эсептелинет.

Ушуга байланыштуу Кыргызстандыктардын кылымдар тогошкон мезгилдеги жашоосунун сапаты жана деңгээли кандай өзгөргөндүгүн, айрыкча региондор боюнча калктын социалдык катмарларга бөлүнүш өзгөчөлүгүн, социалдык катмарга бөлүнүүдө жакыр жашагандардын катмарынын көбөйүшүн, алардын көбөйүшү өлкөнүн экономикасынын өсүшүнө тоскоол кылган глобалдуу проблемага айланып баратканын, бул боюнча алардын ортосундагы өз ара байланышты изилдеп үйрөнүү максатка ылайыктуу өтө актуалдуу экендигин баса белгилегибиз келет. Калктын жашоосунун сапатын бир бүтүн, татаал, бири бири менен өз ара тыгыз байланышкан, бири бирине кошумчаланган структуралык түзүлүштөрү бар объект катары кароо менен, анын өнүктүрүү жолдорун белгилөө, натыйжалуу методдорун аныктоо, изилдөөнү экономикалык-статистикалык баалоо методдорун колдонуу аркылуу турмушка ашыруу зарылчылыгы алдыда турат. Бул бир жагынан, демографиялык абалды экономикалык-статистикалык жактан анализдөөнүн теориялык негиздерин алдын ала жакшыртуу, толуктоону талап кылса, экинчи жагынан аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийликтеринин алдына калктын жашоо деңгээлинин абалын божомолдоо жана баалоо боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу зарылдыгы койулмакчы.

Жогоруда келтириген аргументтердин баардыгын эске алып, Кыргызстандагы улуттук байлыктын негизи болгон улуттук адамдык капиталдын өнүгүүсүнө, калыптанышына, калктын жашоо сапатынын жана деңгээлинин тийгизген таасирин экономикалык, социалдык жана статистикалык жактан изилдөөнүн,баалоонун методологиясын иштеп чыгуу, бул теманын актуалдуулугун дагы бир жолу далилдейт.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүүчү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдарга өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын, КРнын 2018-2022-жылдардагы аймактык саясатынын Концепциясын, Кыргыз Республикасын 2018-2022-жылдарга өнүктүрүү программасын, “Биримдик. Ишеним. Жаратмандык” программасын, Кыргыз Республикасындагы интеллектуалдык менчикти 2017-2021-жылдарга өнүктүрүүнүн Мамлекеттик программасын ишке ашыруу менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты** болуп Кыргыз Республикасында адамдык капиталдын калыптанышына калктын жашоо денгээлинин жана сапатынын тийгизген таасирин аныктоонун, экономикалык-статистикалык жактан анализдөө, баалоо жана божомолдоо боюнча комплекстүүметодологияларын иштеп чыгуу болуп саналат.

Максатты чечүү үчүн **төмөндөгү милдеттер** коюлган:

- адамдык капиталдын концепциясы жана жыргалчылык жөнүндөгү теориялык көз караштардын транформацияланышын, генезисин улуттук деңгээлден карап чыгуу;

- “жашоонун сапаты”, ”жашоонун денгээли” “жыргалчылык” деген категориялардын мазмун-маанисин жана өзгөчөлүктөрүн тактоо, алардын адамдык капитал менен болгон байланышын ачып берүү;

- калктын жашоо сапатын аныктоонун колдонулуп жаткан жолдорун анализдөө, жашоонун ар кандай тармактарын, жактарын, анын денгээлин, образын жана жашоо шарттарын чагылдырган социалдык-экономикалык индикаторлордун системасын тургузуу жана аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды берүү;

- улуттук капиталдын негизи болгон өлкөдөгү демографиялык ситуациянын абалына баа берүү, аны чагылдырган эң керектүү көрсөткүчтөрдү өлкө жана региондор боюнча белгилеп, негиздеп, бөлүп чыгуу жана аларды калктын жашоо денгэлин жакшыртууга пайдалануу;

- өлкө үчүн калктын кирешелерин аныктоонун социалдык-экономикалык концепциясын иштеп чыгуу, жана алардын сапатын жакшыртуунун жолдорун ачып көрсөтүү;

- калктын жакырчылыгын экономикалык-статистикалык изилдөөнүн методологиясын иштеп чыгуу, жакырчылыкты аныктоо боюнча КМШ өлкөлөрүнүн жана дуйнөлүк уюмдардын тажырыйбасын салыштыруу жана анын өзгөчөлүктөрүн тактап көрсөтүү;

- иновациялык коомдун негизги өндүргүч күчү болгон Кыргыз Республикасынын эмгек ресурстарын- комплекстүү социалдык, экономикалык, статистикалык анализдерди колдонуп азыркы абалын, көйгөйлүү маселелерин жана өнүгүү тенденциясын аныктоо;

- социалдык теңсиздикти аныктай турган корсөткүчтөрдүн жаңы системасын сунуштоо, Кыргызстандагы социалдык катмарларга бөлүнүүнүн өзгөчөлүктөрүнө баа берүү;

- калктын жашоосуна таасир бере турган айлана чөйрөнү коргоодогу абал, жумушсуздук, жашап кетүүгө мүмкүн болго минимумду алмаштыруу, билим берүүнүн абалын жакшыртуу, алардын жашоонун сапатына тийгизген таасирин көрсөтүү;

- региондор ортосундагы калктын жашоо деңгээлин мүнөздөө боюнча дифференция жүргүзүү.

**Иштин илимий жаңылыгы** төмөнкү жоболордо чагылдырылган:

- экономикалык коомдун өнүгүшүндөгү адамдык капиталдын концепциясы анын структурасы, байлык, улуттук байлык, жыргалчылык жана калктын жашоо сапаты жана денгээли жөнүндө өлкөбүздөгү жана чет өлкөлүк изилдөөлөрдөгү теориялардын ортосундагы кандай байланыш (генезис) бар экендигине, кантип бирин бири толуктай тургандыгына, жаңы көз караш менен Кыргызстандын шартынан анализ берүүгө аракет жасалды. Айрыкча кыргыз тилинде жашоонун сапаты жана турмуштун сапаты деген эки категорияны бөлүп кароого, аларга анализ берүүгө аракет жасалды, бирин бири толуктаган түшүнүктөр катары тастыкталды.

- Жашоо → керектөө → кызыкчылык → баалуулуктун багыттары → адамдык баалуулуктардын топтому же коом деген түшүнүккө кенири анализ берилди.

- жашоонун сапатын (анын категорияларын) анын курамынын ар бир өзгөрүшүн мүнөздөгөн, буга чейин биздин өлкөдө колдонулбаган башка өлкөлөрдө колдонулган,экономикалык индикаторлордун бирдиктүү компоненттеринин системасы сунуш кылынды.

- калктын курамын керектөөнүн мүнөзү жана жеке кирешесинин өлчөмүн анализдөө аркылуу диагностика кылуу менен Кыргызстандын калкын катмарга же 4 тапка, социалдык класстарга, бөлүү сунуш кылынды.Айыл калкынын социалдык статусун аныктоого аракет жасалды.

- жакырчылыктын денгээлин аныктоонун методикасы ар тараптан талданып,жакырчылыкты аныктоо боюнча өлкөдө минималдуу керектөө бюджетинин же жашоо минимумун суммасын босого (пороговый) катары алуу сунуш кылынды. Жакырчылыкты аныктоодо мурункудан башка сапатттуу деңгээлде аныктоочу көрсөткүчтөр,жашоо сапатынын стандартын иштеп чыгуу сунуш кылынды.

- КМШ өлкөлөрү менен салыштырылып эмгек ресурстарын эсептөө, аныктоо боюнча жаны абалдарды колдонуу, интервью жүргүзүүдөгү мүчүлүштүктөр көрсөтүлүп, аларды мыйзамдаштыруу боюнча сунуштар берилди.

- жумушсуздукту аныктаган эл аралык жана өлкөлөр аралык индикаторлорду анализдеп улуттук менен салыштырып Кыргызстанда жумушсуздуктун жаңы түрлөрү аныкталды,жумушсуздукту аныктоонун, эсептөөнүн методологиясын кайрадан карап чыгуу сунуш кылынды;

- Кыргызстандын региондорунда калктын жашоо денгээлин, анын тенденциясын анализдөө менен региондордордо адамдык капиталдын өнүгүүсүн индекстери аныкталып аймактык диспропорциялар, аймактарда бул индекс кайсы региондо төмөн экендиги аныктоого жетишилди.

- Калктын жашоо сапатын жакшыртуу үчүн айлана чөйрөнү коргоодо, демографияда, миграцияда, билим берүүдө көптөгөн эл аралык көрсөткүчтөр жок экендигин, аныкталбагандыгын, андыктан аларды толуктоо маселеси ушул багытта отчет тапшыргандардын жоопкерчилигин көтөрүүгө байланыштуу экендиги, КР өкмөтү тарабынан бир топ мыйзам,ченемдик актылар жаатында практикалык уюштуруу иштерин аткаруу керек экендиги сунушталды.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү**. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана корутундусу КР экономика министрлиги менен Улуттук статистика комитетинин өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүү стратегиясын региондор боюнча түзгөндө пайдаланууга алынды. Диссертациянын теориялык, аналитикалык жана методикалык сунуштары КР нын Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн аппараты жана экономика министрлигинин Жалал-Абад облусундагы бөлүмү, Жалал -Абад облустук статистика башкармалыгы, саламаттыкты сактоонун облустук координаторлору аркылуу облустун социалдык-экономикалык өнугүү пландарын түзүүдө пайдаланылып жатат.

**Диссертациялык иштин натыйжаларынын экономикалык баалуулугу** колдонулуусу Кыргыз Республикасындагы жашоону баалоонун сапатын толугураак чагылдырууга жөндөмдүү болгон индикаторлорду

киргизүүгө мүмкүнчүлүк берген анык сунуштамаларда турат. Жакырчылыкты, жумушсуздуктун абалын аныктоого арналган сунушталган усулдарды колдонуу эмгек ресурстарын, Кыргызстандын эмгек рыногун жакшыртууга, алардын экономикалык натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет.

**Диссертациянын коргоого чыгарылган негизги жоболору:**

Коргоого диссертацияны даярдоонун жүрүшүндө автордун жеке өзү тарабынан алынган төмөнкү илимий натыйжалар чыгарылды:

1. Кыргызстанда адам капиталын түптөөдөгү жашоо сапатын жакщыртуу же инвестицияларды тартуу жетиштүү деңгээлде эмес, улуттук адамдык капиталдын маңызына, ал эми анын алкагында Кыргызстандагы адам капиталына кеңирирээк жана ар тараптуу талдоону жүргүзүү, алардын генезистик байланышын аныктоо сунушталат.

2. Кыргыз Республикасындагы адам ресурстарынын бат картаюусу, жашоо узактыгынын төмөндүгү, калктын популяциясынын улам кыскаруусу, миграциянын күчөшү бекитилген статистикалык маалыматтардан колдонуу менен эсептелди.

3. “Турмуштун сапаты” деген жаңы категорияны киргизүү Кыргызстандын калкы азырынча жашоонун сапаты сыяктуу социалдык стандарт боюнча жашай элек экендиги менен тастыкталат, калк азырынча материалдык керектөөнүн негизинде гана жашап жатат.

4. Жашоо деңгээлин изилдөөнүн татаалдыгы базалык секторлордо “жашоо деңгээлинин социалдык индикаторлорунун моделдик тизмеги” деген аталышка ээ болгон көрсөткүчтөр тутумун түзүүнүн зарылдыгын тастыктайт. Жашоонун сапатын зарыл болгон индикаторлор иштелип чыкмайынча адекваттуу түрдө изилденбейт деп белгиленет.

5. Автор тарабынан атайын формула боюнча эсептелинген аймактардын жашоо сапаты таблицада берилди, ага ылайык адам капиталын өнүктүрүүнүн индекси Баткен жана Нарын областтарында төмөн экендиги аныкталды.

6. Өлкөнүн калкын социалдык топторго Өкмөт тарабынан бекитилген жакырчылык чегинин көрсөткүчүнө ылайык шкалаларга бөлүнгнөн калктын акчалай кирешелерин салыштыруунун жыйынтыгында алынган жана атайын таблицага жайгаштырылган маалыматтардын негизинде бөлүү сунушталды.

7. Кыргызстандын калкынын “жаш экендиги”, башка демографиялык көйгөйлөр, калктын демографиялык абалын изилдөөнүн маалыматтары жөнүндөгү пикирлер, тыянактар сунушталды. Алар бул көрсөткүчтөрдү башка өлкөлөрдүн сандык көрсөткүчтөрү менен салыштыруунун негизинде алынган.

8. Кыргызстандагы гендердик жагдайды жана жумушсуздукту изилдеген БУУ Фондунун (ЮНПФА) Кыргызстандын калкынын абалы жөнүндөгү материалдар келтирилди.

9. Жакырчлык чегин, жашоо минимумун аныктоо боюнча жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыктары келтирилип, КМШ өлкөлөрүнүн жашоо минимумун салыштырмалуу талдоонун негизинде чыгарылган тыянактар сунушталды.

10. Кыргызстандагы жаратылышты коргоо жана экологиялык аспекттер боюнча талдоо жүргүзүлдү, инновациялардын абалы жана алардын адам капиталынын түптөлүүсүнө тийгизген таасири изилденди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Классикалык аныктамаларды генезистик байланыштыруу жолу менен Кыргызстандагы адам капиталынын абалына баа берилди; Турмуш сапаты категориясы жашоо сапатынын негизи катары сунушталды; Жакырчылыкты аныктоонун жаңы усулу сунушталды; Кыргызстандын калкын социалдык топторго бөлүү усулу иштелип чыгылды; Жашоо деңгээлин аныктоодо колдонулуучу көрсөткүчтөрдүн жыйындысы такталып, алардын кайсылары колдонулаары, кайсылары колдонбой жаткандыы аныкталды. Жумушсуздуктун Кыргызстан үчун мүнөздүү болгон түрлөрүнө аныктама берилди.Курчап турган чөйрөнү коргоодо, билим берүүдө, инновацияларда колдонулбай жаткан көрсөткүчтөр такталып, колдонууга сунушталды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын сындан өтүүсү жана аларды өндүрүштө колдонуу.** Дисертациялык иштин негизги жоболору төмөнкү эл аралык илимий практикалык конференцияларда доклад кылынып, колдоого алынган: XXIV Эл аралык илимий конференция “Современная экономика” (диплом II степени), г. Кемерова 2018, “Региондорду өнүктурүү” илимий конференциясы, Жалал Абад -шаары 2018. Изилдөөнүн жыйынтыктары КР Өкмөтүнүн Жалал-Абад облустундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн жана Экономика министрлигинин Жалал-Абад облусундагы бөлүмүнүн биргелешкен апараттык жыйынында, УСКнын методологиялык кеңешинде, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун экономика жана юридикалык факультетинин студенттеринин катышуусунда талкууланып, жактырылды.

**Диссертациялык изилдөнүн натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Изилдөөнүн жыйынтыгы 22 илимий иштерде жалпы көлөмү 13 басма барак, а.и.16 илимий иш РФ илим жана билим министрлигинин ВАК, РИНЦ илимий журналдарында, 2 иш SKOPYS журналдарында, 4 су Кыргызстандын журналдарында, бирөөсү ВАКтын журналында басылды, 1 монография чыгарылды.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, кыскартылган сөздөрдүн тизмегинен, 5 главадан, корутундудан, 270 пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана жети тиркемелерден турат. 14 сүрөт, 54 таблица камтылган, 335 беттен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** автор теманын актуалдуулугун негиздеген, изилдөөнүн максатын жана милдеттерин белгилеп, анын объектин, предметин, ыкмаларын аныктаган; автор тарабынан алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси ачып көрсөтүлгөн; изденүүчүнүн өздүк салымы аныкталган; апробациядан өткөрүүнүн натыйжалары, анын натыйжаларынын жарыкка чыгарылган эмгектердеги баяндалуусунун толуктугу чагылдырылган.

**Изилдөөнүн биринчи бабы “Калктын жашоо сапаты жана анын деңгээлинин адамдык капиталдын калыптанышына тийгизген таасиринин теориялык аспектилери”** деп аталат, жана бул жерде “адамдык капитал”, “адамдык потенциал” деген түшүнүктөрдүн эн алгачкы классикалык маани-мазмунуна дагы бир жолу теориялык экскурс, генезис жасалды.

**Көйгөйдүн илимий иштелип чыгуу даражасы.** Акыркы он жылдыкта калктын жашоо денгээли жана сапаты жөнүндөгү проблема дүйнолүк масштабда

жетишерлик денгээлде интенсивдүү изилденди. Бул багыттагы категориялардын абалына жана түзүлүшүнө баа берген чет элдик көп тажырыйбалар окуп үйрөнүлүп аларды турмушка колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү каралды. Анын күбөсү болуп акыркы он жылда ата мекендик окмуштуулар тарабынан жарыяланган монографиялар, илимий изилдөөлөр, диссертациялар жана статьялар эсептелинет. Бул маселенин экономикалык аспектин изилдөөдө ата мекендик төмөндөгү окмуштуулар Т,Койчиев, А.Орузбаев, М.Балбаков, К.Идинов, П.К.Купуев, З.Кудабаев, Н. Курманалиева, Ш Мусакожоев, А.Зулпукаров, Е.Чернова, Б.Кубаев ж.б сезилээрлик салым кошушту.

Адамдык потенциалдын жана адамдык капиталдын өнүгүү проблемаларына орус окмуштууларынан С.Д. Аниеев, И.В. Бестужев-Лада, В.Н. Бобков, Н.А. Волгин, Н.А. Горелов, А.Я. Кибанов, Ю.Г. Одегов, В.С. Половина, Н.Е. Рабкина, Н.М. Римашевская, А.И. Рофе, А.А. Федченко,Ю. Шевяков ж.б. салым кошуп келишти жана кошуп жатышат. Адамдык капиталдын концепциясынын проблемаларынын классикалык аспектилерин чет элдик окмуштуулар Г.Беккер, Т.Шульц, Л.Туроу, У.Боуен, М.Критский, Л.Абалкин,С Климов,А.Н.Добрынин ж.б. өз мезгилинде иштеп чыгышкан. Ал эми калктын жашоо сапаты жана деңгээли аттуу категориялардын түзүлүш абалына, өнүгүшүнө чет өлкөлүк П. Друкер, Дж. Гэлбрейт, Дж. М. Кейнс, А.Парето, Т. Парсонс, У. Ростоу, А. Смит, Д. Фостер, Дж. Ван Гиг, А. Печчеи, Дж. Байремж.б.сыяктуу окмуштуулар терең анализ беришкен.

Бул изилдөө бир нече илимий дисциплиналардын ортосунан келип чыккан изилдөө болгондуктан, изилдөөгө колдонулуп жаткан илимий-методикалык аппаратты такташтыруу жана кеңейтүү керек экендигин талап кылды. Адамдык капиталды теориялык- методологиялык жактан терең изилдеш үчүн азыркы мезгилдеги социалдык-демографиялык жана миграциялык процесстерди изилдеген ата мекендик окмуштуулардын изилдөөлөрүнүн теориялык жана практикалык натыйжаларын окуп үйрөнүүгө жана колдонууга чоң көңул бурушка туура келди. Ал авторлор – Н.Х.Кумскова, Б.Ж.Сулайманова, Е.П.Чернова, А.Б.Көчөрбаева, Д.Биримкулова, К.И.Исакова, М.Н.Исраилова ж.б.

Ал эми жашоонун сапаты жана деңгээлинин ар кандай аспектилерин экономикалык жактан изилдөөнүн методологияларына жана баалоолорго Кыргыз авторлорунан С.Ж.Артыкбаева, А.БАсылбаев, А.А.Адиева, Д.А.Кузнецов, В.Г.Крыжанов, Д.Шамырканов, А.Исмаилахунов, В.Г.Кумсков, К.И.Исакова, Л.С.Крыжанова ж.б. баа берүүгө аракет кылышкан. Бирок, алар бул проблеманын турдүү аспектилерине; жыргалчылык, коомдун катмарга бөлүнүшү, жашоонун деңгээли жана сапатына, ар бирине өз алдынча проблема катары карашып өз алдынча изилдөөгө аракет кылышкан. Калктын жашоо деңгээлин адамдык капиталдын концепциясынын туундусу, бир курамы (категория) катары караган жана анын улуттук адамдык капиталга тийгизген таасирин көрсөткүчтөр аркылуу баалап, изилдеген изилдөө жокко эсе эле. Колуңуздарда турган изилдөө, ушул кемчиликти жоюуга кылган аракет катары, Кыргыз Республикасында жана анын региондорунда калктын жашоо деңгээлин жана сапатын татаал, өз ара байланышкан,өз ара аракеттенишкен курамдардан турган, бирдиктүү бүтүн обьект катары карап, баалоонун экономикалык-статистикалык методдорун колдонуу аркылуу ачып берүүгө аракет жасалды.

Азыркы мезгилде жалпы дүйнө тааныган жана таанылган концепция, адамдык капиталдын концепциясы деген түшүнүк калыптанып баратат, ал кандай өлкө болбосун анын байлыгы бул анын адамдары, атуулдары, адамдык капиталы экендиги, ал эми коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги критерийи болуп адамзаттын өнүгүүсүндөгү жетишкендиктер жана алардын керектөөлөрүн камсыз кылуу болуп саналары негизги орунга чыгып баратат.


Адамдык капитал жөнүндөгү түшүнүктөр XX кылымдын экинчи жарымында америкалык экономикалык окумуштуулар Теодор Шульц, жана Гэри Беккера аркылуу алардын макалаларында басылып чыккан.Алар адамдык капитал концепциясын алып чыгуу менен илимде чоң ачылыш жарыялап экөө тең Нобель сыйлыгынын лауреаттары болушкан. Т.Шульц адамдык капитал дегенде төмөндөгү аныктоолордон чыккан:"Адамдагы бардык ресурстар жана жөндөмдүүлүктөр тубаса жана кабыл алынган болуп эки топко бөлүнөт.Ар бир адам төрөлгөндө анын тубаса адамдык капиталын аныктай турган жеке гендердик касиеттеринин топтому менен кошо төрөлөт. Төрөлгөндөн кийин керектүү "салымдар" (илим,тарбия ж.б.) аркылуу күчтөнгөн, адам тарабынан кабыл алынган баалуу сапаттарды биз адамдык капитал деп айтабыз. Бул, илим-билимди өзүндө ташып жүргөн, коомдун жана экономиканын өнүгүшүнүн негизги фактору болгон, билим берүүгө маани берген адам менен адамдык капиталдын ортосундагы түз байланыштын бар экендигин аныктайт.

Адамдык капитал деген теориянын түзүлүшүнө өтө чоң салымды Саймон Кузнец кошо алган, Анын тактоосу боюнча топтолгон улуттук адамдык капиталдын босоголук (пороговый) көлөмү деген түшүнүк болот жана ага жетпей туруп экономиканын кийинки технологиялык укладына өтүүгө мүмкүн эмес. Демек ар бир экономикалык формациянын өзүнүн, өзүнө жарашкан топтолгон адамдык капиталдын босогосу(порог) болот жана алар бирин бири аныктайт жана толуктайт. Автордун оюу боюнча Кыргыз Республикасы феодализмдеги топтолгон улуттук адамдык капиталдын босогосу менен социализмге аттады, канчалык жасалма түрүндө калкыбызда адамдык капитал топтолгон менен коомубузда, калкыбызда феодализмдин баалуулуктары дагы эле сакталып, айрым терс көрүнүштөр боюнча (улуттук ырым жырымдар, жердешчилик, уруучулук, ашыкча чыгымдар,ж.б саркындылар) өнүгүп бара жатат. Ушул жерде төмөн деңгээлдеги улуттук адамдык капиталдын сапаты менен жогорку технологияны колдонгон тармактарга инвестиция салуу пайдасыз деп айсак туура болот. Ошондуктан Кыргызстанда адамдык капиталды окуп үйрөнүү, заманбап адамдык капиталды калыптандыруу теориясын жандандыруу,тактоо, жолдорун белгилөө комплекстүү изилдөөнү талап кылат.

"Адамдык капитал" деген экономикалык категория акырындап барып түзулгөн. Алгач адамдык капиталдын курамына жалан эле билим берүүнү (А.Смит, К.Маркс ж.б.) киргизишкен. Андан ары адамдык капиталдын курамына тарбия, билим, илим, ден соолук, маалыматтык камсыз болуу жана кызмат көрсөтүүчүлүк, нравалык, маданий жана искусстволук жетишкендиктер менен толукталды. Азыркы убакта бул түшүнүк инвестиция (инновация), адамдардын коопсуздугу, натыйжалуу элитаны даярдоо, татыктуу граждандык коомду түзүү жана өнүктүрүү, институциалдык тейлөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу, калктын жашоо сапатын жакшыртуу сыяктуу түзүмдөр менен толукталууда.

Ошондуктан да автордун көз карашы боюнча адамдык капиталды тар жана орто маанисинде алынган ортозар аныктоо менен колдонуудан качуу керек, жана өз курамында төмөндөгүдөй; тубаса жана кийин алынган жөндөмдүүлүктөр, жалпы жана орто билимдүүлүк, үйрөнүп алынган кесиптик билим,чыгармачылык потенциал, моралдык-психологиялык, нравалык жана физикалык дени сактык,өзүнө жана коомго киреше алып келген эмгекке болгон жарамдуулук жана жөндөмдүүлүк сыяктуу комплексүү түзүмдөр менен мүнөздөлгөн интегралдуу кен кесири маанисиндеги көрсөткүч деп аныктап анан колдонуу өтө туура болот. Коомдун жаңыланган өнүгүүсү менен адамдык капиталды толуктаган жаңы компоненттер пайда боло берет бул токтобогон эволюциялык процесс.

Демек адамдык капиталды коомду жана экономиканын өнүктүрүүдө өзүнө улам жаңы эмгек ресурстарын, билимди, интеллектуалдык жана уюштуруучулук жумуштардын инструменттерин, интеллектуалдык жумуш жана анын чөйрөсүн камтыган, өндүрүмдүүлүктү камсыз кыла ала турган интенсивдүү факторкатары кароого болот. Ушул интенсивдүү фактор өз убагында адамдык капиталдын натыйжалуу жана рационалдуу иш аракетин камсыз кыла алат. Ушул аныктама адамдык капиталдын кең-кесири деп аталган аныктамасына шайкеш келет аны сүрөттөн көрсөңөр болот (1.1-сүрөт).




**1.1-сүрөт – Кең кесири аныктамасындагы адамдык капиталдын калыптанышынын булактары**


Автор өз түшүнүгүндө адамдык капитал менен адамдык потенциалдын айрымасын ачып берүүгө аракет жасаган.“Адамдык капитал” деген сөз өзү “адамдык потенциалдын” бир мүчөсү катары, курамына кошулуп алгандыгы менен салмактуу.”Адамдык потенциал” адамдык капиталдан көлөмдүү түшүнүк десек туура болот. Адамдык потенциал чексиз анын ичинен өздөштүрүлүп пайдаланылып жаткан, киреше алып келип жаткан, адамзатты багып жаткан ресурс - бул адамдык капитал.

Экономикалык адабиятта адамдык капиталдын түрлөрүн квалификациялоонун жолдорун анализ жасаганда негизги төмөндөгүдөй белгилерге таянып бөлүүгө болот.

- адамдык капиталга жумшалган, салынган инвестициянын элементтери боюнча: окутуунун капиталы, ден соолуктун капиталы, маданияттын капиталы.
- коомдун экономикалык жыргалчылыгына таасир этүүчү мүнөзү боюнча: керектөөнүн капиталы, өндүргүч капитал, интеллектуалдык капитал болуп бөлүнөт.
- турмушка ашыруу формасы боюнча жандуу капитал, жансыз капитал, институционалдык капитал.

Аталган белгилерди интеграциялоо, бир түшүнүккө келтирүү менен гана адамдык капиталдын азыркы замандагы коомдун турмушундагы чыныгы ролун көрө алабыз. Адамдык капиталдын түпкү максатын туюнта турган, аны коштоп жүрө турган, кандайдыр бир денгээлде анын абалын чагылдыра турган категориялар “жыргалчылык”, “калктын жашоо деңгээли”, “жашоо сапаты”- бул адамдык капитал концепциясынын элементтери, кийинки этаптары, тепкичтери десек туура болот, анткени эгер ушул элементтер жогору болгон өлкөдө адамдык капитал өнүккөн деп айтса болот. Адамдык капиталдын өсүшүнө ушулардын тийгиген таасирине анализ бергенге аракет жасайлы.

Биздин көз карашыбызда “жыргалчылык” - бул өз курамына жашоонун сапатын анын деңгээлин, жашоо образын жана жашоо-турмуш шарттарын камтыган, ар бири “жыргалчылыктын” мазмунун толуктаган, анын бир маанисин чагылдырган, белгилүү бир функцияларын аткарган бир нече категорияларды бириктирген, татаал социалдык-экономикалык категория болуп саналат (1.2-сүрөт).




**1.2-сүрөт - ”Жыргалчылык” категориясынын маани-маңызынын курамы (структурасы)**

“Жашоонун сапаты жана деңгээли” деген түшүнүк жыргалчылык концепциясынын курамында вектордук (багыттоочу) кызмат аткарат, б.а. жыргалчылыктын өнүгүүсүндөгү багытын көрсөтөт ошону менен бирге

жашоонун шарттары, образы жана деңгээлин жана алардын объективдүү жана субъективдүү мүнөздөмөлөрүн кошо камтып, чагылдыра алат.

Жогорудагыдай аныктоодон кийин “жашоонун сапаты жана деңгээли” жеке адамдын же коомдун физикалык, духовный, моралдык жана психологиялык абалдарынын кошулмасынын комплекстүү мүнөздөмөсү деп да кароого болот жана булар жеке адамдын же коомдун жыргалчылыгынын өнүгүүсүнүн өзүнө гана таандык жумшак ориентри катары кызмат аткарат.

Акыркы жылдары “жашоонун сапаты жана деңгээли” деген түшүнүк коомдук пикирлерде да илимий чөйрөдө да бекем орун алган, көп таралган актуалдуу түшүнүккө айланды. Жашоонун сапаты боюнча проблемаларга болгон кызыгуунун күн санап өсүп баратышы, азыр адамзатты, коомчулукту көбүрөөк өзүн өзү сактап калуу проблемасы түйшөлтпөстөн, социалдык жактан туруктуу өнүгүү, дүйнөлүк коомдо, дүйнөлүк өнүгүүдө өз ордун калыбына келтирүү жана татыктуу сактап калуу маселелери басымдуу түйшөлтүп тургандыгы менен түшүндүрүлөт.

Автор Кыргызстан үчүн да жашоонун сапаты жана деңгээли боюнча проблеманын мааниси да өтө жогору экендигин баса белгилейт. Анын мааниси дагы өсөт, дейт автор анткени,өлкөдөгү адамдык ресурстун тез картаюусу, орточо жашоонун төмөндүгү, улам барган сайын калктын популизациясынын азайып баратышы, миграциянын күчөшү, коомдук элитанын түзүлбөгөндүгү, “акылдуу баштардын” башка өлкөлөргө агышы менен эң дефицит ресурстардын бирине айланып барууда.

Автор илимий чөйрөдө “жашоонун сапаты” деген түшүнүктүн мазмунунун, “жашоонун деңгээли” деген түшүнүктөн айрымасы бар же жок экенине саресеп салган, чындыгында эле алардын айрымасы бар экенине али бирдиктүү көз караш калыптана элек, экөөнүн мазмуну бирдей эле дегендер да абдан көп. “Жашоонун сапаты” эмне, аны аныктаган, (ченеген) жалпыга таандык болгон методология жана методика али калыптана элек. Көп учурда “жашоонун сапаты” дегенде жалпы социологиялык, же социалдык-экономикалык, же таза экономикалык түшүнүктүн бири катары да кабылдашат. Айрым изилдөөчүлөр аны жашоонун сапатынын деңгээли катары, башкалары жашоо деңгээлинин сапаты, үчүнчүлөр булар бири менен бири байланышпаган, илимий билимдердин түрдүү тармактарына таандык түшүнүктөр деп да эсептешет.

Чындыгында эле жашоонун сапаты бул салыштырмалуу болушу мүмкүн, мисалы бир өлкөдө, же бир региондо башка регионго же өлкөгө караганда жогору болушу мүмкүн. Ошол эле мезгилде бул эки өлкөдө да же ошол эки региондо да, жашоонуун деңгээли атайы эсептелген илимий стандартттарга туура келбеши, төмөн же жогору болушу мүмкүн. Автордун оюу боюнча бул эки түшүнүк бирин бири толуктай турган түшүнүктөр. Ушул мезгилге чейинки жашоонун сапаты жөнүндө проблемаларды изилдеген илимий адабияттарды, анализ кылып көрүп төмөндөгүдөй түшүнүккө келсе болот дейт автор: чет өлкөлөрдөгү жашоонун сапаты жөнүндө изилдөөлөр ошол реалдуу жашап жаткан өлкөнүн обьективдүү шарттарынын базасында, субьектердин, жарандардын өз жашоосуна болгон канаатануусунун денгээлин (канчалык

деңгээлде канааттанат же канааттанбайт) окуп үйрөнүү, сурамжылоонун негизинде гана жүргүзүшөт.

Кыргызстанда андай эмес. Бул багытта бир нече моделдер бар: Кыргызстанда калктын жашоо сапатын же анын денгээлин аныктоо, мурунку СССР мезгилиндегидей мамлекет, совет элин “тамак-аш жана жатакана менен камсыз кылуу”, ага карата өсүп бара жаткан керектөөсүн канчалык камсыз кылса, ошончо жашоо деңгээли жогорулайт деген, ошондой экономикалык көрсөткүчтөр менен бизде да аныкталат. Батыштагы көп изилдөөчүлөр,жашоонун сапатын субьективдүү жактан баалоону рационалдуу жана эмоционалдуу компоненттерге бөлүп баалашса, бизде субьективдүү баалоо боюнча али методологиялык жактан багыт аныктала элек.

Автордун ою боюнча Кыргыз менталитетинде жашоонун сапаты жана турмуштун сапаты деген эки түшүнүктү бөлүп кароого, экөөсүң эки категория деп аныктама берүүгөболот. Жогоруда айтылган аз камсыз болгон үй бүлөлөрдүн бизде жашоосунун сапаты эмес, турмушунун сапаты начар деп айтылат. Анткени биздин аныктообузда керектелген товарлардын, оокатттуулуктун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты (материалдык баалуулук) бул турмуш-тиричиликтин сапаты деп аныкталат жана айтылат. Жашоонун сапаты деген түшүнүк турмуштун сапаты деген түшүнүктөн “бийик” турат, турмуштун сапаты деген түшүнүк жашоонун сапаты деген түшүнүктүн туундусу,бөлүгү болуп эсептелет, жашоонун сапаты деген түшүнүк турмуштун сапаты деген түшүнүктөн кенениреек, көлөмдүрөөк деп айтса туура болот. Жашоо болгон жерде турмуш куралат. Турмуштун сапаты жөнүндө сөз болгондо көбүнчө материалдык жактан камсыз болууга көңүл бургандыгыбызда, материалдык факторду аныктоочу катары кабыл алгандыгыбызда турат.

Автордун ою боюнча жашоо сапаты жана турмуш сапаты эки башка категория. Бирок турмуштун сапаты деген категория, жашоонун сапаты делген категориянын ичине кирет жана аны толуктайт. Турмуштун сапаты жашоонун сапатынын негизи,башталышы десек да туура болот. Жашоонун сапаты деген түшүнүк жалпы өлкөгө, адамзатка таандыктай сезилет,ал эми турмуштун сапаты бир аймактын, бир айылдын, бир үй чарбасынын турмушун чагылдыргансыйт. Аймактык жагынан алганда да бир аймактын турмушу, өлкөдөгү жашоонун курамдык бир бөлүгү катары чыгат.

Адамда өзүнүн кызыкчылыгын орундатуунун жолдорун тандоо эркиндиги канчалык чоң болсо, ошончолук жашоонун сапаты жакшы болот. Кызыкчылыкты орундатууга канчалык тоскоолдук көп болсо, ошончолук ишкердикти тандоо эркиндиги азаят, жашоонун сапаты төмөн болот, татыктуу жашоого жана эркин өнүгүүгө болгон конституциялык укукту ишке ашырууга, мүмкүнчүлүктөр азаят. Кайсыл коом же кайсыл өнүгүүнүн формациясы же системасы адам кызыкчылыгын орундатууга тоскоол болсо ошол коомдук өнүгүүнүн экономикалык формациясында жашоонун сапаты да, деңгээли да төмөн болот.

Кыргыздарда “бардык маселени материалдык байлык чечпейт”, “жүз сомун болгончо жүз досун болсун”, деген учкул сөздөр бардык кызыкчылыкты

акча менен сатып алууга болбой тургандыгын, акча менен сатып алууга болбой турган баалуулуктар бар экендигин айгинелейт.

*Жашоонун сапатын социалдык-экономикалык категория катары кабыл алып, анын аныктамасын социалдык субьекттин керектөөсүн канааттандыруунун жана кызыкчылыгын турмушка ашыруунун даражасы катары белгилесек өтө логикага туура болот жана аныктамабыз толук кандуу мааниге ээ болот.*


Мындай аныктама жашоонун сапаты дегенде, адамдык потенциалды-социалдык субьекттин турмуш тиричилигинин аракети жана натыйжасы катары кароого мүмкүнчүлүк берет. Ошондон улам жогоруда айтылган адамдык потенциалды өлчөө, ага баа берүү, жашоонун сапатын баалоо менен бирдей түшүнүк деп кароого болот. Жашоонун сапатын өлчөө аркылуу адамдык потенциалга, адамдык капиталдын калыптанышына баа берилет. Азыркы мезгилде калктын жашоо сапатын жана денгээлин баалоодо орточо бир статистикалык адам эмес, негизги изилдөөчү обьект болуп үй бүлө, кожолуктар эсептелинет.

Эгерде калктын жашоо деңгээлин башка өлкөлөргө салыштырам десе Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жашоонун сапатынын стандартын Кыргызстан боюнчаиштеп чыгуу принципиалдуу мааниге ээ. Стандартты түзүүдө ориентир ала турган эки жол бар: Биринчиси, жашоо стандартын иштеп чыгууда дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылган жана кабыл алынган адамдык капиталдын өнүгүшүнүн төмөндөгү базалык принциптерин колдонуу, ушуга ылайыкташтырып түзүү максатка ылайыктуу болот: өсүп бара жаткан жашоонун узактыгы; ооруууга чалдыккандыктын санын төмөндөтүү, ошого жараша медициналык тейлөө; инсандык жеке коопсуздук; өсүп бара жаткан билим алууга мүмкүнчүлүк жана калктын билим деңгээли; социалдык колдоого жана социалдык камсыздоого болгон тең укуктуулук; булгануулардын деңгээлин төмөндөтүү менен айлана чөйрөнүн жагымдуу абалы; татыктуу эмгек акыга ылайык иш табуу мүмкүнчүлүгү; атуулдардын, социалдык топтордун, жергиликтүү коомчулуктардын экономикалык коопсуздугу. Бул маселе, бул стандарттар бизде Кыргызстанда келечекке ориентир катары да али эч жерде карала элек.

Жогоруда келтирилген, дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылган калктын жашоо сапатына таасир этүүчү топтоштурулган базалык тармактар 1.3-сүрөттө келтирилген.

Экинчи жолу, Кыргызстандын шартына ылайык татыктуу жашоо сапатынын социалдык-экономикалык стандартынын ориентирлери, азыркы күндө колдонулуп жаткан калктын керектөө бюджетинин системасына негизделген же ошону негиз кылып алган, төмөнкү көрсөткүчтөр колдонулушу мүмкүн: тамак ашка болгон чыгымдар үй бүлөлүк бюджеттин үчтөн биринен ашпайт; үй бүлөнүн билимдүүлүгү жана жалпыга билим берүүнү камсыз кылуу (9 класс), турак жай менен камсыз болуу, турак жайдын канчасы суу түтүгү, электр жарыгы, телефон менен камсыз болгон; үй бүлө мүчөсүнө бирден комната; ишке жарамдуу үй бүлө мүчөсүнө бир айда жумуш таап берүү; жолго кеткен убакытты эсептегенде жумушчу күндүн узактыгын кыскартуу, 9-10

саатан ашпоо; ар бир үй бүлөгө бирден автоунаа, сырттан келген автоунаалардын зыяндуулугун санитардык нормадан ашырбоо; кылмыштуулук реформага чейинки деңгээлден ашпайт. Жашоонун сапаты деген жөн гана сөз эмес, ушул стандарттар менен дүйнөнүн, материктин, өлкөнүн калкынын камсыз болгонун баалоо жана салыштыруу болуп саналат.




**1.3-сүрөт. Жашоонун сапатына таасир бере турган заманбап компоненттер**

Керектөө бюджети-бул калктын материалдык баалуулуктарга жана кызмат көрсөтүүлөргө болгон керектөөсүн нормативке (нормага) ылайык пайдаланганындагы суммасын айтууга болот. Нормативдер калктын жашына, жынысына, социалдык абалына, климаттык зонасына, иштин шарттарына жана оорчулугуна, жашаган жерине карата чыгарылат. Керектөө бюджети; минималдуу жана рационалдуу болуп бөлүнөт.

Эгерде жогоруда айтылган жашоонун стандарттары Кыргызстанда иштелип чыкса, ошого негиз кылып мамлекеттин өнүгүү программасын, бюджетин иштеп чыгууга багыт берилмек, ар бир адамдын керектөөсү менен кызыкчылыгы шайкеш келген коомду түзүүгө багыт алсак болот эле, бирок бизде азыр бул багытта мамлекетте колго алынар иш жоктой сезилет.

Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын экономика министрлигинде, УСКде республикадагы калктын жашоо сапаты жана денгээлин аныктоодо колдонуучу көрсөткүчтөр, “рыноктук экономиканын шарттарында калктын жашоо денгээлинин негизги индикаторлору” деген 2006-жылы Россия Федерациясынын экономикалык министерствосунун алдындагы экономикалык конъюктуралар жана прогноздоштуруу борбору аркылуу иштелип чыккан системаны, ошондой эле БУУнун “Миң жылдыктын декларациясындагы”

көрсөткүчтөрдү жетекчиликке алып, аларды Кыргызстандын шартына да ылайыкташтырып колдонулууда.

Автордун изилдөөсү боюнча калктын жашоо сапаты жана деңгээли боюнча көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу, колдонуу боюнча методологияларды аныктоо башка өлкөлөрдөэкономика министрлиги баш болгон атайын институттарга жана илимий борборлого жүктөлгөн. Кыргызстанда андай атайын көрсөткүчтөр менен бир да мамлекеттик орган шугулданбайт,демек корсоткүчтөрдүн маанисине баа берилбейт.

Изилдөөбүз кур болбош үчүн Россия илимдер академиясынын калкты жайгаштыруунун социалдык-экономикалык проблемалары Институту тарабынан иштелип чыккан жашоонун денгээли жөнүндөгү, Россия Федерациясынын Эмгек министрлигинин алдындагы жашоонун денгээли боюнча жалпы россиялык борбор тарабынан жашоонун сапаты боюнча жайылтылган көрсөткүчтөрду биздин Республика колдонуп жаткан көрсөткүчтөргө салыштырып айрымасын аныктоого аракет жасап көрөлү. Калктын жашоо сапатын аныктоо боюнча ушу күндө Россия статистикасы колдонгон 98 көрсөткүчтөн 36 сы Кыргыз УСКсында ар кандай себептер менен колдонулбайт. Бул деген сөз көрсөткүчтөр толук кандуу болбосо калктын жашоо сапатынын адамдык капиталга тийгизген таасирин толук кандуу аныктоо мүмкүн эместигинен кабар берет. Алгачкы жолу көрсөткүчтөрдүн түзүлүшүнө экономист катары ичинен баа берүүгө аракет жасалды.

**1.1-таблица – Кыргызстандагы жана Россия Федерациясындагы калктын жашоо деңгээлин баалоо боюнча көрсөткүчтөр системасындагы айырмачылыктар**

| **Демографиялык абал (**23 көрсөткүчтөн 4 су бизде алынбайт) | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Көрсөткүчтөр | Эсептелиниши же колдонулушу | | | |
| | РФ | РФ рег | Кыргыз стан | Калктын груп. боюнча |
| | | | | |
| Ишке жарактуу мезгилдеги өлүм | + | + | - | жынысы |
| Кайра өндүрүүнүн таза коэффициенти | + | + | - | шаар/айыл |
| | | | | |
| Демографиялык нагрузканын коэффициенти | + | + | - | |
| | | | | |
| Аргасыз качкандар жана жер которгондор (көчкөндөр) | + | + | - | жынысы, жашы |
| **Иш менен камсыздуулук, жумушсуздук жана эмгектин шарттары**(9дан 2) | | | | |
| Иш менен камсыз болгондордун ичинен зыяндуу өндүрүштө иштегендердин салыштырма салмагы | + | + | - | жынысы |
| Жумуш издөөнүн орточо узактыгы. | + | + | - | Жынысы,жашы |
| **Калктын акчалай кирешеси жана аны пайдалануу** (11 ден 2) | | | | |
| Үй чарбалардын ээлеген ресурстары | + | + | - | Балдар,мүчөлөрүн саны, айыл/ шаар квин.децил.груп. |
| Үй чарбалардын ээлеген ресурстарынын жана акчалай кирешесинин түзүмү | + | + | - | жогорудагыдай |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Керектөөлөр**(4дон 4 жок) | | | | |
| Тамак аш продуктыларын керектөө а.и. айрым бир продуктулардын түрлөрү боюнча | + | + | - | жогорудагыдай |
| Тамак аш заттарынын курамы а.и айрым тамак аш продуктыларынын түрү боюнча | + | + | - | жогорудагыдай |
| Энергетикалык баалуулук а.и жаныбарлардан даярдалган (келип чыккан) продукциялар | + | + | - | жогорудагыдай |
| Үй чарбаларынын турмуш тиричилик техникалары, телерадиоаппаратура жана транспорттук каражаттар менен камсыз болушу. | + | + | - | жогорудагыдай |
| **Кирешени дифференциациялоо жана жакырчылык**(7ден 3 жок) | | | | |
| | | | | |
| Кирешелерди топтоо коэффициенти (Джининин коэффициенти) | + | + | - | Социалдык-демогр группалар |
| 1 жанга т. к. орточо акчалай кирешенин жашоонун минимумуна болгон катышы. | + | + | - | Социалдык-демогр группалар |
| 1 жанга акчалай кирешеси (бир айлык) жашоо минимумунан аз калктын саны | + | + | - | Жын.жашы город село, стат в занят. |
| **Социалдык камсыздандыруу жана жардам**(6 дан 3 жок) | | | | |
| Социалдык төлөмдөр жана анын ИДП га калк. акчалай киреш. болгон катышы | + | | - | 1адамга |
| Дотация жана жеңилдик алган үй чарбалардын үлүшү | + | + | - | Балдар, шаар/айыл |
| Бир жанга туура келүүчү бардык кирешелеринин көлөму боюнча жашоо минимумунан аз болгон үй чарбаларынын жана калктын үлүшү. | + | | - | шаар/айыл, үй чарба адам. саны, жынысы,жашы,балдар |
| **Социалдык чөйрөнүн тармактары а.и** | | | | |
| **Калктын турак жай боюнча шарттары**(5дөн 5 жок) | | | | |
| Орточо бир жашоочуга жана үй чарбасына туура келген турак жай аянты (жалпысы а.и. жашай турганы) | + | | - | шаар/айыл |
| Квартиралардын орточо чоңдугу жана саны | + | | - | шаар/айыл |
| Бир комнатага жашоочулардын орточо саны. | + | | - | шаар/айыл |
| Турак жай фондун жакшыртуу жабдуу | + | + | - | шаар/айыл |
| Калктын керектөө чыгымдарында турак жайга төлөнгөн төлөмдүн үлүшү. | + | + | - | шаар/айыл децилдик тайпа 1 жанга т. к. кирешесине жараша балдардын саны |
| **Калктын ден соолугу жана медициналык жактан тейлөө**(7дөн 3 жок) | | | | |
| Негизги топтордогу оорулар боюнча өлгөндөрдүн саны | + | + | - | Жынысы,жашы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ооруулардын негизги топтор боюнча наристелердин өлүмүнүн коэффициенти. | + | + | - | Жынысы,жашы |
| Медициналык дарыларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө индексинин баасы | + | + | - | |
| **Маданият, туризм жана эс алуу**. ( 9дан 5 жок) | | | | |
| Маданият мекемелерине көрүүгө кирүү калктын 1000 адамына | + | + | - | |
| Басылмаларды басып чыгаруу жалпысы калктын 1000 адамына. | + | + | - | |
| Спорттук мекемелердин саны | + | | - | |
| Экскурсиялык и санаториялык айыктырган, маданий кызматтарга керектөө баасынын индекси | + | + | - | Шаар /айыл топтор группалар |
| Жалпы керектөөдөн эс алууну уюштуруу жана маданий иш чараларга кеткен үй чарбаларынын чыгашасы % | + | + | - | |
| **Транспорт жана байланыш**(6дан 2 жок) | | | | |
| Жалпы пайдалануудагы автобустардын саны калктын 100000 адамына | + | + | - | |
| **Укук бузуу**(5тен 1 жок) | | | | |
| Жабырлангандардын саны | + | | - | Баардыгы а.и балдар, аялдар |
| **Курчап турган чөйрөнүн абалы**(3дон 3 жок) | | | | |
| Агын суулар аркылуу негизги булгоочу заттарды кое берүү | + | + | - | |
| Абага булгоочу заттарды жайылтуу | + | + | - | |
| Айлана чөйрөнү коргоого багытталган негизги капиталга инвестиция | + | - | - | |

Ушул багыттан алганда да мамлекеттердеги жашоонун деңгээлин аныктоо үчүн Бириккен Улуттар Уюмунун алдындагы комиссия 275тен ашык көрсөткүчтөрдүн системасынан ориентация алат. Ошол эле мезгилде Россиянын жана чет өлкөлүк окумуштуулардын көпчүлүгү адамдардын бардык керектөөсү менен кызыкчылыгын (жашоо сапатын) комплекстүү чагылдырган бирдиктүү жалгыз интегралдык көрсөткүчтү түзүү мүмкүндүгүн чанып келишет. Бул жөнүндө жашоонун деңгээлин чагылдырган бирдиктүү интегралдык жалгыз көрсөткүчтү түзүүгө карата болгон БУУнун кызматкерлеринин 1954 жана 1966 –жылдардагы пайдасыз, ийгиликсиз аракеттерин айтсак болот. Бирок калктын жашоо сапатынын аныктоо структуралар, топтор, блоктор боюнча улантылып жатат.

Бул багыт боюнча автор тарабынан БУУнун адамзаттын өнүгүшү жөнүндөгү Докладды изилдеп көргөндө, ал жерде калктын жашоо деңгээлин (адамдык потенциалдын) өнүгүшүнүн интегралдаштырылып эсептелди деген бир нече интегралдашкан индексин бөлүп көрсөтсө боло тургандыгын келтирет, алар тигил же бу жагдайда жашоонун денгээлин чагылдырган бир нече көрсөткүчтөрдүн биргелешкен түрлөрүн камтыйт, алардын окшоштугу жана айрымачылыгы, жакшы, жаманы изилдөөдө келтирилген. Мүмкүнчүлүгүнө, экономикалык көрсөткүчтөрдүн базасына карап бул интегралдаштырылган

индекстер орточо 187-190 өлкөлөр ичинде чыгарылат. Алар: 1. Адамдык капиталдын өнүгүү индекси (АПӨИ); 2. Өнүгүп бара жаткан өлкөлөр үчүн калктын жакырчылыгынын индекси (КЖИ-1); 3. ОЭСРга мүчө-өлкөлөрдүн калкынын жакырчылыгын индекси (КЖИ-2); 4. Гендердик фактордун өнүгүү индекси (ГФӨИ), же гендердик теңсиздик индекси (ГТИ); 5. Аялдардын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүнүн көрсөткүчтөрү (кыскартылганда АМКК); 6. Эл аралык бакыттын индекси; 7. Теңсиздикти эске алуу менен адамзаттын өнүгүү индекси (ТЭААӨИ); 8. Көп өлчөмдүү жакырчылык индекси (КӨЖИ). Ал эми төмөндө эл аралык уюмдар тарабынан Кыргызстан боюнча чыгарылган глобалдуу индекстердин таблицасын келтирели (1.2-таблица).

**1.2-таблица – Кыргызстандагы (2019-ж.) адамзаттын өнүгүүсүнүн глобалдуу индекстери**[1]

| | |
|---|---|
| **Адамдык потенциалдын өнүгүү индекси (АПӨИ)** | 0,674 |
| Кыргызстандын дүйнө жүзүндөгү позициясы | 187ден 122 |
| **Кирешени эске албаган адам потенциалынын өнүгүү индекси** | 0,606 |
| Кыргызстандын дүйнө жүзүндөгү позициясы | 187ден 72 |
| 2000-жылдагы Адамзаттык өнүгүү индекси | 0,577 |
| 1995-жылдагы Адамзаттык өнүгүү индекси | 0,545 |
| **Адамдык потенциалдын өнүгүү индекси теңсиздикти эске алуу менен** | 0,610 |
| Адамзаттык өнүгүү индексинде теңсиздиктин айынан болгон жоготуулардын пайызы | 14,4 |
| Кыргызстандын дүйнө жүзүндөгү позициясы | 134төн 71 |
| **Гендердик өнүгүү индекси** | 0,981 |
| **Гендердик теңсиздик индекси (ГТИ)** | 0,381 |
| **Көп өлчөмдүү жакырчылык индекси** | 0,08/0,245 * (2018) |
| Жакырчылыкка баткандык,%дык катнашта | 4,9 |
| Жакырчылыктын интенсивдүүлүгү, %дык катнашта | 38,8 |

(2019-ж.)[1] Адамзаттын өнүгүүсү жөнүндө баяндама, 2019. Туруктуу өнүгүү жана мүмкүнчүлүктөрдүн бирдейлиги. Бардыгы үчүн кең келечек. Маалыматтар төмөнкү сайтта жеткиликтүү:hdr.undp.org/en/ reports/global/hdr2011/download/ru/.*2018-НСК

Булактары:ушул текстеги 1.3.2 таблицасында келтирилген баяндамалардан алынды.

**Изилдөөнүн экинчи бабы "Адамдык капиталдын калыптанышына калктын жашоо сапаты жана анын деңгээлинин тийгизген таасирин экономикалык жактан аныктоонун методологиялык негиздери"** деп аталат. Мурунку бапта изилденген проблеманын негизинен теориялык аспекттерине басым жасалса бул главада ошол теориялык жактан аныкталган таасирди кандай кылып практикада экономикалык-статистикалык жактан аныктайбыз, аныктоо үчүн кандай методологияларды колдонобуз, кайсы индикаторлорду пайдалануу керек, кандай индикаторлор керектелет, акырында теориялык тийгизген таасирди такталган бир сандык маалымат аркылуу туюнтууну көрсөтүп чыгууга аракет жасалды. Калктын жашоо сапатын изилдөөдө негизги принципиалдуу милдет бул- аны сан жагынан баалоо болуп эсептелинет. Учурдагы калктын жашоо сапатын изилдөөдө аны баалоонун үч базалык түрү, жолу (подход) колдонулат алар: обьективдүүлүк, субьективдүүлүк жана комплекстүүлүк.

***Изилдөөнүн обьектиси*** болуп Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо сапаты, деңгээли жана жыргалчылыгы эсептелинет.

***Изилдөөнүн предмети*** болуп Кыргыз Республикасында адамдык капиталдын калыптанышына жашоонун сапатынын жана деңгээлинин тийгизген таасирин божомолдоо, баалоо жана экономикалык-статистикалык жактан анализдөөнүн комплекстүү методологиялары эсептелет.

***Изилдөөнүн теориялык жана методикалык негизи*** болуп ата мекендик жана чет өлкөлүк окмуштуулардын статистика, экономикалык анализ, рыноктук экономиканын теориясы, социология, социалдык статистика, эконометрика, информациялык система жана адамдык ресурсту башкаруу жаатындагы эмгектер колдонулунду. Изилдөө инструментариясы катары корреляция, регрессия сыяктуу статистикалык методдор, кластердик, курамдык анализ, ошондой эле изилдөөнүн жыйынтыгын берүүнүн таблицалык жана графиктик методдору колдонулду.

Анализ көрсөткөндөй, жашоонун сапатынын түрдүү тармактарын (жактарын) эске алып караганда, ар бири ар түрдүү, өз алдынча, жекече мүнөзгө ээ болгон, өтө көп көрсөткүчтөрдүн чоң тобун бөлүп бир блокко келтирүүгө болот. Бирок, сан жагынан комплекстүү, баардыгын бириктирип баалоонун жыйынтыгын алуу үчүн интегралдык индикаторду тургузуунун (эсептеп чыгуунун) зарылчылыгы келип чыгууда, анткени ал бир түрдүү эмес, чоң көлөмдөгү маалыматты жалпылоо менен, системадагы бардык жеке көрсөткүчтөрдүн методологиялык жактан биримдигин камсыз кыла ала турган бир көрсөткүч болуп эсептелинет.

Россия статистикасында калктын жашоо сапатын аныктоочу көрсөткүчтөрдү 6 блокко бөлүп интегралдаштырышкан, биздин Улуттук статистика комитети да ушул көрсөткүчтөрдү 6 блокко бөлүп колдонот, бирок блоктун ичиндеги көрсөткүчтөр курамы, маани-маңызы боюнча биздин республиканын шартына ылайыкташтырылган. УСКнын базасында болгон маалыматтарды колдонуп Кыргызстандын региондорундагы калктын жашоо сапатынын интегралдык көрсөткүчүнүнтөмөндөгүдөй эсептеп чыктык;

Калктын жашоосунун сапатын баалоо үчүн бир нече жеке өз алдынча индекстердин же биздин мисалдагы ар бир блоктун индекстеринин суммасынын орточосу болуп төмөндөгүдөй формула менен аныкталат;

$$IF_j = \sum_{i=j}^{k} (IF_{ij} \times d_i)$$

бул жерде;$IF_j$ -ар бир блоктун индекси; $IF_{ij}$ - жеке индекстер;$d_i$ - жеке индекстердин салыштырма салмагы;

Калктын жашоосунун сапатын баалоодо статистикалык маалыматтын жана башка керектүү маалыматтардын бар экендигин эске алып жогорудагы алты блокту бирден индекске алып келип колдонсо болот жана анын ичиндеги индекстерге бирдей салыштырмалуу салмак берип суммасы 1,0 ден ашпасы керек. Маселен 2 индекс болсо ар бири 0,5тен салыштырма салмакка ээ болот. Бул ыкма автордун кандидаттык диссертациясын жазууда региондун инвестициялык потенциалына баа берүүдө ар бир тармакка колдонулган.

Мындан кийин жашоонун сапатынын бир тармагын аныктаган, ар бир жекече блоктун (фактордун) индексин аныктап, баалап алышыбыз керек, анткени калктын жашоосунун сапатынын интегралдык көрсөткүчү калктын жашоосунун сапаттарынын негизги жактарын мүнөздөгөн ушул блоктордун жеке индекстеринин көрсөткүчтөрүнүн геометриялык орточосу катары аныкталат.

$$I_{кжс} = \sqrt[6]{P(Ij)}$$

Бул жерде: Ікжс– калктын жашоо сапатынын интералдык көрсөткүчү; P(Ij)- жеке индекстердин көбөйтүндүсү.

Автор тарабынан сунуш кылынган методиканы сынап көрүү үчүн, 2018-жылкы региондордогу маалыматтарга таянып, калктын жашоо сапаты боюнча эксперименталдык эсептөөлөр жүргүзүлдү. Алынган эсептөөлөр 3- таблицада келтирилген.

Ал жерде: Іэр – региондун экономикалык өнүгүүсүнүн жекече индекси ; Імб – региондун калкынын материалдык жыргалчылыгынын жекече индекси; Ісдп –региондун социалдык-демографиялык абалынын жекече индекси; Ірт - региондун эмгек базарынын жекече индекси; Існ –региондо социалдык чыңалуунун жекече индекси; Іэо –региондун экологиялык абалынын жекече индекси;

**2.1-таблица – Кыргызстандын региондорундагы калктын жашоо сапатынын интегралдык көрсөткүчүнүн жана жекече индекстеринин мааниси 2018-жылдагы маалымат боюнча**

| Региондор | Іэр | Імб | Ісдп | Ірт | Існ | Іэо | Ікжс | Ранг |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баткен облусу | 0,608 | 0,650 | 1,050 | 0,777 | 0,916 | 0,932 | 0,794 | 9 |
| Ыссык- Көл облусу | 0,734 | 0,836 | 1,024 | 1,028 | 0,824 | 1,032 | 0,887 | 5 |
| Ощ шаары | 0,810 | 1,137 | 0,902 | 0,949 | 0,643 | 1,000 | 0,901 | 3 |
| Ош облусу | 0,718 | 0,767 | 1,004 | 0,958 | 0,933 | 0,983 | 0,869 | 6 |
| Чүй облусу | 0,855 | 0,956 | 0,893 | 1,114 | 0,740 | 1,171 | 0,939 | 2 |
| Жалал–Абад обл | 0,816 | 0,813 | 0,923 | 0,970 | 1,244 | 0,671 | 0,872 | 7 |
| Нарын облусу | 0,641 | 0,705 | 0,967 | 0,984 | 1,068 | 1,045 | 0,868 | 8 |
| Талас облусу | 0,690 | 0,798 | 1,033 | 0,894 | 1,247 | 0,894 | 0,893 | 4 |
| Бишкек ш. | 0,910 | 0,718 | 0,996 | 1,000 | 1,042 | 1,116 | 0,944 | 1 |
| K=max\min | 1,49 | 1.47 | 1.15 | 1.43 | 1.68 | 1.74 | 1.183 | |

Булагы:УСКнын жылнаамаларынан:“Демографический ежегодник КР 2014-2018гг.” “Занятость и безработица”,«Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөсүн, коргоо” ” Жумуш жана жумушсуздук”

Ікжсдын жыйынтыгында региондордун ээлеген орду боюнча салыштырып, калктын жашоо сапатына карата 2018-жылдагы маалыматка ылайык бир нече топторго бөлүүгө туура келди (2.1-таблица). Салыштырма чоңдуктардын илимий баалуулугу өтө жогору, бирок аларды абсалюттук чоңдуктардан бөлүп кароого мүмкүн эмес, анткени алардын катышы, салыштырмалуулугу гана бир нерсени түшүндүрө алат.

Изилдөө көрсөтүп тургандай, адамдык капиталды түзгөн интеллектуалдык активдердин биримдигин толук, ишенимдүү баалоого шарт түзө турган бирдиктүү методика азырынча жок. Колдонулуп жүргөн методикалар интеллектуалдык активдердин наркын дал өзүндөй, адилеттүү чагылдыра

албайт, ошентсе да бааланып жаткан компоненттердин наркы чындыкка белгилүү денгээлде жакыныраак болот десек туура болчудай. Ушуну эске алып Т.Стюарттын адамдык капиталды баалоо боюнча төмөндогү сунуштарын эске алсак максатка ылайыктуу болот деп ойлойбуз: милдетти татаалдантпоо керек; өлкөнүн өнүгүшүнө маанилүү стратегиялык мааниси бар иш аракеттерди гана балоо зарыл; интеллектуалдык байлык алып келе турган иш аракеттерди гана балоо же өлчөө менен гана шугулдануу керек.

Автордун ою боюнча жогоруда айтылган адамдык капиталды баалоо методдорун бир компаниянын денгээлинде колдонсо болот, бирок айтылган кемчиликтердин натыйжасында толук кандуу учет жүргүзүү кыйынга турат. Ошондой эле адамдык капиталга ар бир компоненти боюнча, экономикалык, социалдык, демографиялык, маданий жана информациялык тармактар боюнча тийгизген таасирин аныктоо практикалык жактан ийкемдүүрөк, жыйынтык алса болот.

Экономикалык тармактан калктын кирешесин изилдөө актуалдуу, анткени рыноктун шартында чарба жүргүзүүчү субьекттердин экономикалык иш аракетинин натыйжасы киреше түрүндө жыйынтыкталат. Кирешени алуунун жана пайдалануунун бир нече стадиясын белгилешет:билим берүү, алгачкы бөлүштүрүү, кайра бөлүштүрүү, салык жана башка чыгымдарды төлөгөндөн кийинки кирешени түптөө, колдо бар кирешени керектөө жана көрөңгөлүккө (топтоо) пайдалануу. Бир адамга туура келүүчү киреше канчалык көп болсо жогору болсо адамдык капиталдын денгээли ошончо жогору болот. Кыргызстандагы бир адамга алынган акчалай кирешенин жылдар жана курамы боюнча талдап көрөлү (2.2-таблица).

**2.2-таблица – Орточо 1адамга өндүрүлгөн акчалай кирешенин курамы сом жана пайыз менен**

| Жылдар | 1999 | % | 2009 | % | 2015 | % | 2018 | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалпысы | 391,4 | 100 | 2311,9 | 100 | 4074,5 | 100 | 5337,3 | 100 |
| Эмгектен тапкан киреше | 196,8 | 50,3 | 1569,8 | 67,9 | 2647,3 | 65,0 | 3676,8 | 69,0 |
| Социалдык трансферттер | 40,7 | 10,3 | 229,9 | 10,0 | 662,0 | 16,2 | 841,3 | 15,8 |
| Жеке көмөкчү чарбадан түшкөн | 73,7 | 18,8 | 341,9 | 14,7 | 570,9 | 14,0 | 595,9 | 11,6 |
| Башка акчалай кирешелер | 80,1 | 20,6 | 170,3 | 7,4 | 194,3 | 4,9 | 223,3 | 3,6 |

Булагы: УСК “Уровень жизни населения КР” (1999-2018)жж

Эгерде 1999-жылы жалпы акчалай кирешенин 50%ын эмгектен түшкөн кирешелер ээлесе, бул көрсөткүч 2018-жылы 69%ды түзгөн, бул деген сөз экономика өнүгүп өз ишкердигин баштаган адамдар көбөйө баштаганынан кабар берип турат. 1999-жылдары калк аргасыздан көмөкчү чарбага жана ар кандай кирешелерди табууга басым жасаган, себеби булардын 2018-жылга салыштырмалуу салмагы 2%-5%га көп болгон.

Автордун оюу боюнча калктын жашоо денгээлинин аныктоочу көрсөткүчтөрдүн бири катары Кыргызстанда калктын кирешелерин аныктоонун,

анализдөөнүн методологиялык маселелеринин жакшыртуунун жолдору ар тараптуу изилдениши керек. Анткени өлкөдөгү АКӨИнин өсүшүнө ушул кирешелер боюнча көрсөткүчтүн тийгизген таасири өтө чоң.

**2.3-таблица – Кыргызстандын 2019-жылда бир жанга туура келген акчалай кирешесинин деңгээлин жана ага туура келген үлүшүн 2007-жылга салыштыруу менен жакырчылыкты аныктоо**

| Кирешенин шкаласы | Калк үлүш 2007 /% | 2007 | | Калк үлүш 2019 % | 2019 | | Калк үлүш 2019-2007-ж. салыш/лу + - |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кедей-чиктин чеги сом / % | Жашоо мини-муму сом / % | | Кедей-чилик-тин чеги сом / % | жашоо миним сом / % | |
| Жалпысы (сом) | 100,0 | | | 100,0 | | | - |
| А.и.500,0 сомго ч/н | 7,9 | 440/6,6 | | - | | | -7,9 |
| 500,01-1500,00 | 60,3 | 1417,1/ 35 | | 5,8 | 1475/ 0,5 | | -54,5 |
| 1500,01-2500,00 | 21,0 | | | 13,8 | | | -7,2 |
| 2500,01-3500,00 | 6,7 | | 2850/95 | 17,4 | 2748/ 20,1 | | +10,7 |
| 3500,01-4500,00 | 2,6 | | | 16,2 | | | +13,6 |
| 4500,01-5500,00 | 0,5 | | | 10,8 | | 4839 /58,6 | +10,3 |
| 5500,01-6500,00 | 0,4 | | | 8,7 | | | +8,3 |
| 6500,01-жогору | 0,6 | | | 27,8 | | | +27,2 |

Булагы: Улуттук статкомитети, үй чарбаларын тандоонун материалдарынан алынды.

Кыргызстанда 2000-2018-жылдарга 20%дык өтө бай жана өтө жакыр группалардын кирешелеринин катышы бир топ жогору бойдон калып 3,2%дан 7,1%га чейин жогорулаган. Жалпы акчалай кирешени квинтилдик группалар арасында бөлүштүргөндө, жалпы кирешенин 44% ы эң бай деп эсептелген калктын 20%дык үлүшүнө туура келет. Демек Кыргызстан рынок мамилелерине өткөндөн кийинки катмарларга бөлүнүү процесси курчуп, социалдык-экономикалык жактан диффереациация болушу улам өсүп бара жатат.

Автор тарабынан Кыргызстанда калкты стратификациялоого көнүл бурулбай жаткандыгы белгиленип, кирешелерге жараша Кыргызстанда калкты социалдык катмарларга, страттарга бөлүүгө аракет жасалды. 2.3-таблицада көрүнгөндөй 2007-жылы бир адамга какчалай кирешеси 3500 сомдон ашкан калктын саны жалпы калктын 4,1%зын гана түзүп келген. Ошол жылдары Кыргызстандын калкын шарттуу түрдө 3 топко, страттарга бөлүп келишкени мамлекеттик документтерде чагылдырылып келген;өтө жакырлар (томаяктар), жакырлар, жана жакыр эместер. Кыргызстанда коомду мындай социалдык топторго бөлүү коомубузда болуп жаткан акыркы мезгилдеги өзгөрүүлөрдү так, толук чагылдыра бербейт. Анализ көрсөткөндөй 2019-жылды карап көрсөк бир адамга акчалай кирешеси 3500 сомдон ашкан калктын саны жалпы калктын 63,5%зын түзүп, 2007-жылдан 59,4%га өскөн. Ошол эле мезгилде кирешеси 6500 сомдон ашкан калктын үлүшү 2007-жылга салыштырмалуу 27,2%га жогорулаган. Демек Кыргызстанда да бизнесмендердин,байлардын саны өсүп баратат экономикабыз рыноктун шарттарына ыңгайлашып баратат. Ошондуктан Кыргызстанда коомду кирешеси боюнча; байлар жана жетиштүү абалдагылар; орто камсыз болгондор; жакырлар жана өтө жакырлар (томаяктар), деп төрт

социалдык катмарга бөлүү азыркы коомубуздун ахыбалын чагылдыра алат. Бир адамга туура келген кирешени карап туруп бизде башка өлкөлөрдөгүдөй өтө байлар деген катмар али түзүлө элек деген жыйынтыкка келсе болот. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасында үй чарбалардын бюджетин анын ичинде кирешесин тандоо жолу менен жүргүзүлүп жаткан изилдөөнүн тартибине бир аз өзгөртүү киргизүү керек. Кыргызстанда байлардын жана жетиштүү камсыз болгондордун көбү шаарларда айрыкча Бишкекте жайгашкандыктан, үй чарбаларды изилдөөгө тандап алуудагы тартипти өзгөртүү керек. Кыргызстандын аймагы боюнча компьютер бирдей бөлүштүрбөстөн шаарлардан кошумча үй чарбаларды тартуу керек. Үй чарбалардын бюджетин изилдөөнүн жыйынтыгы менен жогоруда биз бөлүштүргөн төрт топтун кирешесинин сандык эсеби топтор боюнча дагы да так болушуна жетишсек коомубуздагы социалдык стратификация проблемасына жеткиликтүү көнүл бурулат эле.

**Изилдөөнүн үчүнчү бабы "Калктын социалдык-демографиялык абалынын негизги көрсөткүчтөрүнүн адамдык капиталдын калыптанышына тийгизген таасири" деп аталат.** Бул главада адамдык капиталдын негизи болгон адамдык ресурс жөнүндө анын Кыргызстандагы социалдык-демографиялык абалына ар тараптан анализ берүүгө, аларды жакшыртуунун жолдоруна кенири көнүл бурулган.

Кыргыз Республикасындагы бүгүнкү күндөгү демографиялык кырдаал ушуга чейинки жүрүп келген демографиялык процесстердин натыйжасы катары шартталып, жалпысынан алганда ыңгайлуу кырдаал деп эсептелинет. 1897-жылы Кыргызстандын калкынын саны 663 мин болсо 2019-жылдын этегине 6523 миңди түзүп, 115 жылда дээрлик 100 эсеге көбөйгөн, анализ көрсөткөндой бул өсүш негизинен СССРдин мезгилинен 1925-жылдан кеңейтилген кайра жаралуу (расшир.воспроизводства) темпи менен өскөн. Союз мезгилинде эле калктын саны эмгек ресурсунун негизи катары бүт өлкөдөй эле Кыргыз АССРине да калктын санын өсүү божомолу жана өсүү темпинин планы жеткирилген. Бир караганда Совет мамлекети ошондо эле калктын санынын өсүшүн капитал деп баалабаса да ошого тете мамиле кылган, ар кандай жолдорун колдонуп санын өстүрүүгө аракет жасаган.

Автордун оюу боюнча Кыргызстандын калкы "жаш" калк деп эсептелинет, себеби алардын көпчүлүгүн эмгекке жарамдуу жаштагы адамдар жана балдар түзүшөт. 2018-жылда 15 жаштан жогорку экономикалык активдүү курактагы адамдардын саны 2538,7 млн адамды түзүп жалпы калктын 60,% на барабар болгон. Кыргызстанда калктын негизги өсүшү табигый өсүү темпинин эсебинен жүргөнү өтө жагымдуу көрүнүш (3.1-таблица).

**3.1-таблица – Төрөлүүнүн жалпы жана суммарлуу коэффициенты (% менен)**

| Жылдар | Төрөлүү коэффиц. | Өлгөндөр коэффиц. | Табигый өсүш | Суммарлуу (кошулган) коэффициент [1] |
|---|---|---|---|---|
| 1940 | 33 | 16,3 | 16,7 | х |
| 1960 | 36,9 | 6,1 | 30,8 | х |
| 1970 | 0,5 | 7,4 | 23,1 | х |
| 1990 | 29,1 | 6,9 | 22,2 | 3,5 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1995 | 23,2 | 7,4 | 15,8 | 3,15 |
| 2000 | 19,7 | 6,9 | 12,8 | 2,4 |
| 2009 | 26,9 | 5,8 | 21,1 | 3,06 |
| 2015 | 27,4 | 5,8 | 21,6 | 3,19 |
| 2018 | 27,1 | 5,2 | 21,9 | 3,30 |

1- бир аялдан төрөлгөн балдардын саны; Булагы: УСКнын жылнаамаларынан Демографический ежегодник КР 2014-2018гг.

Таблицада көрүнгөндөй эң чоң табигый өсүш 1000 адамга 31 киши 1960-жылга туура келсе, эң төмөн көрсөткүч 2000 жылга 13 кишиден туура келген. Эл аралык практикада өлкөлөр боюнча төрөлүүнүн денгээлин аныктоо үчүн төрөлүүнүн кошулган коэффициенти (коэффициент фертильности) деген көрсөткүч аныкталат. 2018-жылы орточо бир аял 3,3 бала төрөп, Кыргызстанда бул көрсөткүч 2000-жылдан баштап өсүү тенденциясына ээ. Ушундай кылып Кыргызстанда төрөлүүнүн кошулган коэффициенти (коэффициент фертильности) жөнөкөй кайра жаралуунун деңгээлинен төмөн болгон дүйнөнүн көп өлкөлөрүнөн айрымаланып (бул коэффициенттин мааниси 2,1%га барабар) калктын кеңейтилген кайра жаралуу коэффициентине ээ. Төрөлүү коэффициентинин деңгээлинин жогору болушу,салыштырмалуу өлгөндөрдүн коэффициентинин төмөн болушу Кыргызстанда жумушчу күчүнүн табихый көп болушун шарттайт жана ашыкча жумушчу күчүн, биринчи кезекте жумушсуздукту пайда кылат.

Энелердин, ымыркайлардын өлүмүнүн өнүккөн өлкөлөргө караганда көптүгү, төрөлүүнүн санынын азайып баратышы Кыргызстандагы демографиялык өнүгүүнүн негизги проблемалары боюнча кала берет. Анын түздөн түз жыйынтыгы болуп мөөнөтүнөн мурун кыйылган адам өмүрлөрү аны менен кошо адамдык капиталдын азайышы деп кароо керек. Демографиялык көз караштан алганда адамзаттын коому өтө тезөнүгүп, өзгөрүлүп турууучу, бир тектүү эмес, чар тараптуу, аралашма обьект болуп саналат. Демографиядагы ар бир өзгөрүү жашоонун башка тармактарындагы өзгөрүүлөр менен өтө тыгыз байланышкан, калктын табихый кайра жаралышы Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө, калктын жашоо абалына түздөн түз көз каранды, б.а. демографиялык процесстердин өнүгүшүнө калктын жумуш менен камсыз болушу, социалдык камкордук жана медициналык жактан тейлөө, билим алуунун наркы жана абалы чоң таасир берет.

Автор тарабынан калктын учетун алуунун биздеги көрсөткүчтөрү менен биз негиз кылып алган Россиядагы жүргүзүлгөн учет, көрсөткүчтөр системасы жана эл аралык статистикадагы калктын учетун алуу системасы менен салыштырганда Кыргызстанда төмөнкү көрсөткүчтөр жүргүзүлбөйт.

- төрөттүн санын энеден төрөлгөндөгү биологиялык катары боюнча жайгаштыруу;
- биринчи баласын төрөгөндөгү энелердин орточо жашын аныктоо;
- биринчи никеге тургандардын суммарлуу коэффициенти;
- биринчи никеге тургандардын орточо жашы;
- ажырашуулардын суммарлуу коэффициенти (ажырашкан никелердин узактык мөөнөтүнө карап бөлүштүрүүнүн эсебинен эсептелип чыгарылат);

Азыркы мезгилде өлүмдүн, өлгөндөрдүн статистикалык эсебин алууда да абал жетишерлик денгээлде жакшы деп айтууга болбойт. Толук көзөмөл жүргүзө албагандан кийин Кыргызстанда өлүмдү алгачкы каттоосунун жана толук учетун (эсебин) алуунун абалын так деп айтууга болбойт. Мындан сырткары азыркы колдо бар статистикалык байкоо аркылуу ар кандай социалдык кырдаалга жараша пайда болгон өлүмдөрдү түр-түрлөрү боюнча бөлүштүрө албайбыз. Эксперттердин айтуусунда Кыргызстанда кан айлануу системасынын, дем алуу органдарынын оорууларын жана киши колдуу болуп өлгөндөрдүн учетун алууда бир аз тактык сакталбагандыгын белгилешкен.

Ымыркайлардын өлүмүн баалоодо да Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун эл аралык критерийлерине дал келбеген фактылар катталган. Эскирип калган критерийлерге ылайык төрөлгөн балдарды тирүү төрөлгөндөр жана өлүк төрөлгөндөр деп каттоо методикасы колдонулган, натыйжада төрөлгөндөн кийин (перинаталдык) жана ымыркайлардын (1 жашка чейин) өлүмүнүн деңгээли кыйла төмөндөтүлүп (40%) берилген.

Калктын табигый кыймылына эсеп жүргүзгөндө гана эмес механикалык кыймылын мүнөздөгөндө да кемчиликтер орун алганын белгилөөгө болот. Кыргызстанда ички жана сырткы миграциянын эсебин алганда да так эсеп жүргүзүлбөйт. Толук анализ кылганга айрым бир каттоодон өткөн миграциялык орун которуулар, келип кеткендер (топтор) гана тартылып калат. Чындыгында эле мигранттар эмес, ошол орун которуулар, келип кетүүлөр эсепти экилентип жиберет да жалпы миграциялык кыймыл жөнүндө эсептин чындыгын жокко чыгарып таштайт.

Жогоруда айтылгандай келип кетип жаткан мигранттардын ар кандай категориясынын ичинен накта мигрант катары кетип жатканын бөлүп алуу, негизгиси өлкөнүн анын региондорунун туруктуу калкынын миграциялык балансын чыгарууга, баалоого мүмкүнчүлүк түзө албай жатат.Кыргыз улуттук статистика комитети тарабынан миграция тууралуу чогултулган маалыматтар “туруктуу “деп эсептелген эмес, “иридикалык” деп эсептелген калктын санына же, эл каттоодон эл каттоого чейинки учурдагы эсептөө жолу менен чыгарылган калктын жашы жана жынысы боюнча курамына жана санына чыгарылат. Натыйжада калктын туруктуу санын чыгарууга керек болгон, төрөлүүнүн, өлүмдүн көрсөткүчтөрүндөгү жана башка социалдык процесстердеги тез өзгөрүлүп жаткан тенденциялар бурмаланып көрсөтүлөт. Буга кошумча “иридикалык” деп аталган калктын саны- каттоо процедураларынан да катуу көз каранды келет.

Автор калктын эсебин алуу боюнча ишти комплекстүү уюштуруу жана жүргүзүү максатында Кыргызстан боюнча социалдык-экономикалык тармактагы мыйзамдарды, инструкцияларды сөзсүз түрдө, мониторинг жасап чыгуу бүгүнкү күндүн негизги талабы деп эсептейт. Анткени мыйзамдаштырылган атайын экономикалык,статистикалык, социалдык изилдөөлөрдү уюштуруу кеңири статистикалык база түзүүгө шарт түзөт, бул болсо өз кезегинде башкаруу боюнча чечимдерди кабыл алууга негиз болуп кызмат кылат. Бул мониторингдин негизги пайдалануучулары болуп төмөндөгүлөр эсептелинет: -мамлекеттик башкаруу органдары; -илим-изилдөө

мекемелери; Өкмөт алууга кызыкдар болгон маалыматтар, илим-изилдөөчү мекемелерге да керек болот.

Автордун изилдөөсү боюнча Кыргыз Республикасы эмгектик миграция, эмгек ресурстары боюнча өтө өзгөчөлүккө ээ болгон өлкө катары эсептелет. Кыргыз Республикасынын эмгек рыногунун өзгөчөлүгү бул, жумушчу күчүнүн ашыкча болушу менен мүнөздөлөт. Жаштардын саны (14-28жашка чейинкилер) Кыргызстан боюнча 1,7 млн адамды түзүп жалпы калктын 30% на, ал эми экономикалык активдүү калктын 69% на барабар. Ар жыл сайын эмгекке жарамдуулардын катарына 70 миңден ашык жаштар кошулууда. Акыркы жылдарда эмгекке жарамдуулардын санынын өсүшү жумуш менен камсыз болгондордон 2 эсе ашыкка өстү[1].

Кыргызстанда жумушсуздукту эсептөө да көп жагынан туура эмес.Көп учурда үлүшкө берилген жердин чоң же кичине көлөмүнө карабастан жери бар үй бүлө мүчөлөрү жумуш менен камсыз болгон деп эсептелет, бирок бул жерде өтө тартыш, чечилбеген маселелер орун алган. Бир үй бүлө мүчөсүнө 0,05га жетпеген суулуу жери бар ошол эле мезгилде бир үй бүлө мүчөсүнө 0,5гектардан суулуу жер үлүшү тийген үй чарбалар бар. Автордун изилдөөсүндө алардын көпчүлүгүн эски аныктама менен дыйкан чарба деп аталып, иш менен камсыз болгон деген категорияга киргизилип коюп жатат, чындыгында Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-августунда кабыл алынган №214 “О содействии занятости населения” деген мыйзамдын 3-статьясында “... иш менен камсыз болгондорго 0,05га кем эмес суулуу жерден үлүш алган өндүрүштүк кооперативдердин, дыйкан чарбалардын мүчөлөрү жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү кирет” деп жазылган. Айыл жеринде, айрыкча тоолуу райондордо ар бир үй бүлө мүчөсүнө 0,05 гадан төмөн суулуу жер тийген айылдык округдар өтө көп. Автордун эсептөөсүнө ылайык, мындайлар Кыргызстан боюнча бардык үлүшкө жер алгандардын 10-15%зын түзөт, алар баардыгы жумушсуздарга кириши керек эле, бирок алардын көпчүлүгү мурункудай эле жумуш менен камсыз болгондорго кирип жүрөт. Анткени жогоруда айтылган мыйзамды кабыл алгандан кийин, иш менен камсыз болгондордун саны аз санда гана азайган, эгер 2009-жылы иш менен камсыз болгондор 59%ды түзсө, 2016-жылы бул көрсөткүч 57,1%ды түзгөн. Автор бул жерде интервью жүргүзгөн адистердин бул маселеге жеткиликтүү маани бербегендигинен, профессионалдык чеберчилигинин төмөндүгүнөн өзгөрбөй калган, же субьективдүү фактордун натыйжасы деп эсептейт. Автор бул жерде “жашырылган” жумушсуздуктун формасы катылып жатканын б.а. 10-12% жумушсуздук иш менен камсыз болгондой берилгенин белгилейт. Бир адамга туура келген 0,05 га эмес, 0,15 га сулуу жерлер үй чарбасынын эмгекке жарамдуу мүчөлөрүн толук кандуу иш менен камсыз кыла албайт, ошондуктан да айыл жеринде биз жумуш менен камсыз болду дегендер иш издеп чет өлкөгө мигрант болуп кетип жатышат. Натыйжада Кыргызстанда иш менен камсыз болгондордун статистикалык эсеби жогору болуп, ошол эле мезгилде миграцияда 1,0 млн.дон ашык адамыбыз жүргөнү ушул жогорудагыдай

[1] Программа содействия занятости населения и регулирование внешной трудовой миграции до 2020г.Утв.ППКР от 6 сентября 2013года №485.

тенденциялар менен түшүндүрүлөт. Буга кошумча айыл жеринде үлүш жери бар ар бир бешинчи (божомол менен) үй-бүлө жерин арендага, тууган уругуна калтырып мигрант болуп кетишкен. Алар боюнча так учет жок, көп учурда бөлүнгөн үлүш жерине карап (0,05гадан жогору болсо) жумуш менен камсыз болгондордун эсебинде жүрөт.

Жыйынтыктап айтканда жумушсуздуктун келтирген социалдык зыяндары бул; коомду маргиналдашкан абалга келтирүү; кесиптик чеберчиликтин жана өзүнө өзу ишенүүчүлүктүн, өзү өзү сыйлонун төмөндөшү,физикалык жана психологиялык ден соолуктун начарлашы; ар кандай психикалык жана жүрөк кан тамыр ооруууларынын күчөшү, алкоголдук ичимдиктерге берилип кетүү,коомдук моралдын түшүшү,үй-бүлөлөрдүн бузулушу,социалдык абалдын курчушу, коомдук жана саясий тартипсиздиктин күч алышы б.а. жыргалчылык жок, адамдык капиталындын ыдырашына алып келет.

Кыргызстандын экономикасын модернизациялоочу негизги инновациялык ресурс катары эсептелген адамдык капиталдын өнүгүшүнө гендердик теңсиздиктин бар болушу өтө терс таасирин тийгизет.Атайын жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында аял менен эркектин ортосундагы теңсиздикти жою коомдун өнүгүшүнө бир топ жагымдуу шарттарды түзөрү аныкталды.

2012-жылы Кыргыз Республикасы биринчи жолу узак мөөнөттүү документ – 2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетүү боюнча Улуттук стратегияны кабыл алган, анда экономикадагы аялдар, кыздар жана аялдар үчүн билим алуу, сот адилеттигинен пайдаланалуу жана саясий тең укуктуулук сыяктуу өнүгүү артыкчылыктары аныкталган. Бирок, прогрессивдүү мыйзам базасында жана ар кандай программалардын болушуна карабастан, Кыргыз Республикасында көптөгөн багыттар боюнча бул документтерде коюлган максаттарга жетүү мүмкүн болгон эмес.

Экономикалык чөйрө аялдардын экономикалык жигердүүлүгүнүн төмөндүгү, эмгек рыногунда кесиптик ылгоолор (сеграгация) болушу менен мүнөздөлөт, мындан улам эмгек акы төлөөдө айырмачылыктар сакталып калган -аялдардын эмгек акысы эркектердикине караганда 2018-жылы 75,5 пайызды[1] түзгөн. Мында аялдардын ишкердигинин өнүгүүсү ар кандай, анын ичинде экономикалык, саясий-укуктук жана социалдык-маданий тоскоолдуктарга дуушар болот. Аялдардын эмгек миграциясына жигердүү тартылышына байланыштуу, барган өлкөсүндөгүдөй сыяктуу эле, ата мекенине кайтып келгенде да ар кандай көйгөйлөргө туш болушат.

Айрыкча аялдардын киреше алып келүүчү иш менен алек болушун чектөө, экономикалык активдүүлүгүн азайтуу,ошондой эле аялдардын иш менен камсыз болуу денгээлин төмөндөтүү,аялдардын эмгек рыногунан жана ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлугүнүн бирдей эмес экендиги ж.б теңсиздиктер боюнча иш жүргүзүлүүсү керек.

Кыргызстан 2018-жылы АПӨИ боюнча 188 өлкөдөн 122- орунда турса ГФӨИ боюнча – 99-100 орунда турат. Бул кыргызстанда гендерлик саясаттын ачыктыгын, баалуулуктардын бөлүнүшүндө адилеттик бар экендигинен,аялдар билим алууда, жашынын узактыгы боюнча акчадан болгон теңсиздиктерди бир аз азайтып кеткендигинен кабар берет.

**Изилдөөнүн төртүнчү бабы "Калктагы жумушсуздук жана жакырчылык денгеелинин адамдык капиталдын калыптанышына тийгизген таасирин изилдөөнүн экономикалык жолдору" деп аталат.** Мурунку бапта өлкөдөгү демографиялык процесстердин теориялык жактан жана практикалык абалына анализ берилсе, бул бапта алардын тийгизген таасирин экономикалык көрсөткүчтөр алардын интегралдашкан курамдары аркылуу баа берүүгө аракет жасалат.

Эмгек ресурстарынын калыптанышынын, түзүлүшүнүн негизи болуп калктын жалпы саны кызмат кылат. Калктын санынын кыймылынын динамикасы жана курамы, эмгек ресурстарынын санынын динамикасына жана жаштык курамына өз таасирин тийгизет. Демек, эмгекке жарамдуу калктын сандык жана сапаттык аспекттерин окуп үйрөнүүнүн башталыш башаты болуп, жалпы калктын жогоруда аталган белгилери кызмат кылат. Абалдан пайдаланып эмгекке жарамдуу калк деген түшүнүктү тактаганда ага эркектер үчүн 16 жаштан 63 жашка, аялдарга 16 жаштан 58 жашка чейинкилерди кошуп киргизүү менен аныктасак болот. Бирок, бул жерде талаш маселе бар, анткени эркектер 63 жаштан,аялдар 58 жаштан кийин эмгекке жарамсыз болуп калат дегенден алыспыз, тек гана пенсияга чыккан мыйзамдуу жаш экендигин белгилеп коюу туура болот.

Эмгекке жарамдуу калктын ичинен экономикалык активдүү жана экономикалык пассивдүү калк деп бөлүп кароого болот. Экономикалык жактан активдүү калктын саны эмгектенүүгө болгон жалпы суроо- талапты мүнөздөйт жана 15 жаштан жогорку экономикада иштеген жана жумушсуз адамдардын бардыгын камтыйт (4.1-таблицаны караңыз). Ушул жерде айта кетчү бир сөз, эмгек ресурстарына жана жумушсуздукту аныктоо боюнча Кыргызстанда азыр колдонулуп жаткан методикада, 2013-жылдын  октябрь айында  эмгек боюнча статистиктердин эларалык конференциясынын (мындан ары ЭСЭК) (орусчасы МКСТ) 19-резолюциясында кабыл алынган; эмгектик иш аракеттер; жумушсуздук жана жумушчу күчүн толук пайдалана албоо;деген түшүнүктөрдү эл аралык жаңы стандарттарды колдонуп эсептөөнү толук колдоно албай жатабыз жана ошондогу негизги методологиялык жоболор биздин жоболорго шайкеш келбегендигинде турат. Ушул резолюцияга ылайык экономикалык активдүү калк деген көрсөткүчтүн ордуна мындан ары жумушчу күчүнүн саны деген көрсөткүч колдонулат, Кыргызстан бул көрсөткүчту тоук колдонууга алууда.

Рыноктун шарттарында улам өзгөрүлүп жаткан эмгек ресурстарын курамын аныктаган көрсөткучтөрдү туура эл аралык стандартка ылайыктап колдонуу да өтө керектигин биз изилдөөлөрдө айтып келебиз.

Автордун изилдөөсу боюнча Кыргызстанда эмгек рыногунун өнүккөн өлкөлөрдөгүдөй компоненттеринин, инфраструктурасынын жоктугунан жумушчу күчүнө болгон суроо-талап жана сунуштун ортосунда баланс камсыз болбой келүүдө, натыйжада адамдардын эмгектенүүгө болгон укугу сакталбай, иш аракеттердин түрлөрүн эркин тандоого мүмкүнчүлүк болбой, айрым бир социалдык жактан коргоолор сакталбай келүүдө. Эгерде өнүккөн өлкөлөрдө иш менен камсыз болуунун проблемаларын алардын экономикалык стратегиясын

кардиналдуу өзгөртпөй эле чече турган болсо, Кыргызстанда экономиканы түп тамырынан бери кайра түзүп чыгуу, кардиналдуу өзгөртүү жүргүзүүнүн зарылчылыгы бар. Бул болсо финансалык туруктуулук болгондо, экономикалык өсүү кайрадан жанданганда, инвестициялык активдүүлүк үчүн ресурстар көбөйгөндө жана социалдык маселелер чечиле баштаганда ишке ашат. Айрыкча иштегендердин, иш бергендердин жана мамлекеттик органдардын ортосунда иш менен камсыз болуунун проблемаларын чечүүнүн жолдорун маакулдашуу боюнча натыйжалуу иш аракеттер талап кылынат.

**4.1-таблица – Кыргызстанда 15 жаш жана андан улуу курактагы жумушчу күчтүн санынын (экономикалык жактан активдүү калктын) динамикасы (миң адам)**

| | 2003 | | | 2018 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Бардык жум күч | Анын ичинде | | Бардык жумушчу күч | Анын ичинде | |
| | | эркектер | аялдар | | Эркек-тер | аялдар |
| Жумушчу күч (эконом. актив. калк) - бардыгы | 2142,7 | 1196,8 | 945,9 | 2538,7 | 1560,0 | 978,8 |
| Анын ичинде: | | | | | | |
| Иштеген калк | 1930,5 | 1083,8 | 846,7 | 2382,5 | 1471,7 | 910,7 |
| Жумушсуздар | 213,3 | 113,1 | 99,2 | 156,3 | 88,2 | 68,0 |
| Экономикалык активдүү эмес калк | 1205,6 | 435,6 | 770 | 1703,6 | 509,8 | 1193,8 |
| Экономикалык активдүү лүктүн деңгээли, пайыз менен | 64,0 | 73,3 | 55,1 | 59,8 | 75,4 | 45,0 |
| Иш менен камсыздуулук деңгээли, пайыз менен | 57,6 | 66,4 | 49,3 | 56,2 | 71,1 | 41,9 |
| Жумушсуздуктун деңгээли , пайыз менен | 6,4 | 6,9 | 5,6 | 6,2 | 5,7 | 6,9 |

Булагы: КР УСК жылнаамасы, “Занятость и безработица” 2003-2018гг.

Азыркы мезгилде Кыргызстандын экономикасында жана башка КМШ өлкөлөрүндө эмгек ресурстарын пайдалануу начар жана эмгек акысы боюнча эң төмөнкү абалда экендиги бизди өкүндүрбөй койбойт. Кыргызстанда жумушсуздук маселеси өтө актуалдуу болуп саналат, адамдык капитал толук калыптанбай жатат, демек бул проблема экономикалык илим ж.б. тийиштүү коомдук илимдер тарабынан өтө тыкыр изилдөөнү талап кылат.

Автордун белгилөөсүндө Кыргызстанда “жашыруун жумушсуздук” деген кубулуш терең орун алган,бул деген сөз, жумуш менен камсыз болду деген аты бар, бирок түшкөн кирешеси үй –бүлөсүн бакканга толук жетишпеген, жумуш менен шарттуу камсыз болгондор басымдуу көпчүлүктү түзөт. Эгерде жумуш издеп миграцияга кеткендерди шарттуу түрдө “толук кандуу жумушсуз” деп эсептесек Кыргызстанда жумушсуздуктун жалпы коэффициенти 30-40%ды түзөт. Бул өлкөнүн саясий жана экономикалык негиздерине коркунуч туудурат. Кыргызстандын айыл жеринде ар жагынан алып караганда жумушсуздуктун бардык түрү кездешет, акыркы 10-15 жылда “аргасыздан болгон жумушсуздук” көбөйүүдө. Бул деген сөз айыл жеринде татыктуу турмуш өткөрүүгө ылайыкталган жумуштардын жоктугу эсептелинет.


Автор белгилегендей, Кыргызстанда азыркы убактагы жакырчылык көйгөйү өтө курч социалдык проблемалардын бири болуп саналат. Жакырчылыктын кыскаруусу социалдык-экономикалык өнүгүүнүн чечүүчү маселеси катары каралат, анткени ал өлкөдөгү саясый стабилдүүлүктү гана аныктабастан, анын жалпы дүйнөлүк өнүгүүсүн да шарттайт, аны көздөй жол ачат. Чындыгында эле жакырчылыктын деңгээлин төмөндөтпөй, анын пайда болгон курч формаларын жойбой туруп адамдык капиталдын сапатын жогорулатууга, экономикалык өсүшкө, ошондой эле эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнө жана аны модернизациялоонун социалдык базасын кеңейтүү үчүн шарт түзүүгө мүмкүн эмес экендиги айдан ачык болуп калды.

Кыргыз Республикасынын экономикасынын жана жакырчылыгынын өзгөчөлүгү жумушсуздар, пенсионерлер жана көп балалуу үй бүлөлөр менен катар иши бар деп эсептелгендер же айыл чарбасында үлүш жери барлар же жогоруда айткандай жашырылган (скрытый) жумушсуздар олуттуу орун ээлегенинде турат. Ушундай абалдар Кыргызстанды жакырчылык боюнча өнүгүп жаткан дүйнөдөгү өлкөлөрдүн катарына коёт. Себептери: эмгек акынын өтө эле төмөн болушу; баанын өсүшү, ишсиздик ж.б.орун алган.


Кыргызстанда экономикалык өсүштүн оң динамикасы да азырынча жок жана мамлекет тарабынан социалдык максатка чоң чыгымдарды жумшай албай жатат, ошондуктан да бизде социалдык жактан өзүн начар сезүү тренди жана социалдык чыңалуунун өсүшү байкалат. Бул эмнени көрсөтүп жатат, бул деген сөз жакырчылыкты, анын критерийлерин жана статистикалык инструментарийдин абалын теориялык жактан терең анализ жүргүзүп, ошол анализдин негизинде жыргалчылык багытындагы социалдык-экономикалык саясатты корректировкалоо зарылчылыгы турганын көрсөтүп жатат.

Жакырчылыкты аныктоо эки принципиалдуу маселени теориялык жана методологиялык жактан чечүүнү шарттайт:1) жакырчылыктын чеги менен салыштырууга керек болгон үй чарбасынын же жеке адамдын жыргалчылыгын мүнөздөөчү көрсөткүчтөрдү тандоо;2) ошол чектен төмөнү өтө жакырчылык деп атала турган, жакырчылыктын же минималдуу стандарттын чектерин аныктоо;

Кыргызстанда ушул жакырчылыктын чегин аныктоо көрсөткүчтөрүн тандоо методологиясын да автордун ою боюнча кайра карап чыгууну талап кылынат. КМШ мамлекеттериндеги жакырчылыктын чегин аныктоо боюнча тажырыйбасын окуп үйрөнгөнүбүздө биз мисал кылган РФ, Белоруссия мамлекети жакырчылыктын чегин жашоо минимуму менен өлчөп жатышат,ал эми Кыргызстанда жашоо минимуму эч нерсеге колдонулбай жөн эле эсептелип коюлат.КМШ өлкөлөрү боюнча жашоо минимумунун көрсөткүчтөрүн жана РФ менен Кыргызстандагы алардын курамын карап көрөлү (4.1-сүрөт жана 4.2-сүрөт).




**4.1-сүрөт. Айрым өлкөлөрдөгү БДБ жана КР жашоо минимумун салыштыруу (АКШ доллары ар бир өлкөнүн курсу менен, КМШ өлкөлөрүнүн статкызматынын маалыматтары)**




**4.2-сүрөт. Жашоо минимумунун КР жана Россияда калктын социалдык-демографиялык топтору боюнча курамы %**

Эгер жакырчылыктын чегин жашоо минимуму менен белгилей турган болсок анда Кыргызстанда жакырлардын саны, жакырчылыктын денгээли өтө жогору болуп кетмек, башка өлкөлөргө салыштырууга кыйын болуп калат эле. Кыргызстанда жашоо минимумунун курамында 65% азык түлүк товарлары, 16% азык түлүк эмес товарлары, кызмат көрсөтүү - 17%ды, салыктар - 2%ды түзөт. Россияда 50%ын азык түлүктөр, калганы 50 %ды түзөт. Демек тамак ашты камсыз кылсак эле жакырчылык азайат, ал баалуулуктун негизги компоненти

деген түшүнүктөн кайтып баратышат. Официалдуу статистикада илимий изилдөөлөрдө жана божомолдорду түзгөндө жашоо минимумун жакырчылыктын чек арасы катары колдонушат, демек, Кыргызстанда да жакырчылыктын чегин жашоо минимуму менен өлчөөнү сунуш кылар элек.

Жакырчылыктын көйгөйү бир өлкөнүн аймагында,ошондой эле дүйнө жүзүндө жалгыз эле экономикалык маселелер менен чектелбей анын чегинен сырткары чыгып кетти. Жакырчылык глобализация шартында адамзаттын алдына ташталган, негизги комплекстүү чакырыктардын (көйгөйлөрдүн) ажырагыс бир бөлүгү болуп калды. Сөз жаратылыш чөйрөсүн сактоо, атомдук согушту болтурбоо, этностор жана диндер ортосундагы конфликтерди болтурбоо, адамдын жашоосунун сапатын жакшыртуу жана анын чыгармачылык өсүүсүно шарт түзүү жөнүндө жүрүп жатат. Бул чакырыктарга (көйгөйлөргө) татыктуу жоопту дүйнөлүк коомчулук “социалдык адилеттикти камсыз кыла албаган глобализациянын” кереги жок экенин анын ордуна “адамзатка шарт түзгөн глобализация” же адамзаттын кызматташтыкка умтулган жана өз ара түшүнүүчүлүккө негизделген дүйнөлүк өнүгүүсүн камсыз кылуу керек экендигин чечкенде гана таба алат.

**Изилдөөнүн бешинчи бабы “Адамдык капиталдын калыптанышынын социалдык жактан маанилүү багыттары”** аталат жана адамдык капиталдын калыптанышына негизги таасир берүүчү билим берүү, айлана чөйрөну колдоо жана  жана инновациялык иш аракеттерге баа берүүгө аракет жасалат. Билимдүүлүктүн денгээлинен эмгек ресурстарынын сапаты түздөн түз көз каранды болсо, өз убагында эмгек ресурстарынан экономиканын, өнөр жай өндүрүштүн абалы көз каранды болот. Билим коомдун социалдык-кесипчилик тармагын кайра өндүрүүнүн фактору катары кызмат кылат. Билим берүү системасы жаранды калыптандырат, ошону менен кошо коомдук турмуштун саясий чөйрөсүнө да таасирин тийгизет. Билим берүүнүн маданий-тарбиялык функциясы, коомдун духовный (акыл-ой) турмушуна да өз таасирин тийгизет. Кандай кесипчилик жактан даярдоо болбосун жалпы маданиятты калыптандырууга салымын кошот, ошол эле мезгилде жеке адамдын жана социалдык группанын социалдык жактан калыптанышына шарт түзөт, коомдогу маданий жетишкендиктерди сактоо менен муундан муунга өткөрүп берет.

Баса белгилей турган нерсе билим берүү индекси жалпылочу көрсөткүч болгон адамдык потенциалдын өнүгүү индексинин курамдык бир бөлүгү болуп саналат. Билим берүү индекси өлкөнүн чоң жаштагы калкынын сабаттуулугун жогорулатуудагы жана башталгыч, орто жана жогорку окуу жайларына киргендердин жалпы көрсөткүчүнүн салыштырмалуу жетишкендиктерин эсептөөчү көрсөткүч болуп саналат. Анын жалпы үлушүнүн үчтөн экисине чоң калктын сабаттуулугунун индекси туура келсе, үчтөн бирине жалпы окуу жайларга киргендердин индекси туура келет. Билимдүүлүктүн денгээлин өлчөгөн жогорудагы эки көрсөткүч кошулуп жыйынтыктоочу индекс чыгарылат жана ал 0 дөн (минималдуу) баштап 1 ге (максималдуу) чейинки маанисинде эсептелинет.

Интеллект.

↓

Маалыматтар,билим

↓

Кызматкерлердин өзүнө сиңдирип,тарбиялап алган адистиги(квалификациясы), билгичтиги, чеберчилиги,машыккандыгы иш- тажырыйбасы,эрежеге көнгөндүкж.б.

↓

Адамдык капитал.

**5.1-сүрөт. Билим адамдык капиталды кайра өндүрүүнүн системасын түзүүчү элемент**

Кыргызстандын экономикасынын жайылтылыш процессин экологиялык жактан анализдеп олтуруп төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот: азыркы мезгилде жаратылыш байлыктарын рационалдуу пайдаланууга ыңгайлуу шарттар түзүлгөн эмес; рыноктук инфраструктуранын өнүкпөгөндүгү; техникалык мүмкүнчүлүктөрдүн жетишпестиги; экологиялык ой жүгүртүүнүн чектелүүлүгү ж.б. кошууга болот. Автор Кыргызстандагы экологиялык төмөндөгү өзгөчөлөнгөн коркунучтарды баса белгилейт: -суу менен камсыз болбой калуу коркунучу пайда болууда, өзгөчө тынчсызданууну Кыргызстандын аймагында жайгашкан муздуктардын, мөңгүлөрдүн жок болуу абалы пайда кылууда. Адистердин билдирүүсү боюнча ар жылы мөңгүлөрдүн катуураак эришинен аянты 8076,9 кв.км, көлөмү 495куб.км., 8208 муздуктан (туруктуу мөңгүлөр) 2100-жылга бирөө да калбай калуу коркунучу туулууда.

Жер титирөө, көчкү, сел жана суу каптоолор ошондой эле, кар көчкүлөр, бийик тоолордогу жарып агып кетүүчү көлдөр, жер алдындагы суулардын денгээлинин көтөрүлүп каптап кетүүсү сыяктуу жаратылыштык процесстер жана кубулуштар дайыма коркунуч туудуруп турат. Кыргызстанда ар жылы 200дөн ашык табихый мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдар болуп, 1000ден ашык үй бүлө башка жактарга көчүрүлөт. Кыргызстандын аймагында уулуу жана радиоактивдүү калдыктар көмүлгөн 250 миллион куб тонналык 92 обьект жайгашкан. Эгер булар бузулуп кете турган болсо бир гана Кыргызстан эмес, коңшулаш Өзбекстан, Казакстан жана Тажикстандын 5 млндон ашык адам жашаган аймагына, аны курчап турган чөйрөсүнө орду толгус зыян келтирилет.

Кыргызстандын экологиясына дагы бир коркунуч бул турмуш-тиричиликтен чыгып жаткан таштандылар жана калдыктар. Белгилей турган нерсе ири шаарларда (Бишкек, Ошто) катуу тиричилик таштандыларын жыйноо санитардык жана экологиялык талаптарга жооп бербейт, аларды өндүрүштүк негизде тазалоочу технологиялар колдонула элек. Азыр Бишкекте 24 млн.куб.метр таштандылар топтолгон бул өз убагында Бишкектин эли ичип жаткан жер алдындагы сууларды булгай турган коркунучу турат.


Кыргызстанда али айлана чөйрөнү коргоо боюнча дүйнө колдонгон көп индикаторлор колдонулбайт демек ошол индикаторлор анын артында турган экономикалык кубулуштар боюнча иш жок деген сөз. М: автоунаадан чыккан газдан абанын булганышы деген индикатор Кыргызстанда колдонулбайт демек

өлкө боюнча автоунаадан иштелип чыккан газ боюнча абал али мамлекет тарабынан колго алына элек.

Жогоруда саналган факторлордун баардыгы адамдын жашоо сапатын төмөндөтүүгө алып келет жана анын ден соолугуна коркунуч туудурат,бир сөз менен айтканда Кыргызстандын калкынын коопсуз өнүгүшүнө,өсүшүнө заманбап адамдык капиталдын топтолушунатоскоолдук кылат. Ал үчүн жаратылышты сактоого каражат сарптоо зарыл, бүгүнку күндө айлана чөйрөнү коргоого кеткен чыгым ИДПнын 0,03%нан ашпайт. Ушул көйгөйлөрдү чечүү маселеси өлкөнүн туруктуу өнүгүү концепциясына кириши керек.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыгын эске алып автор өлкөнүн (региондун) иновациялык потенциалын комплекстүү баалоо боюнча төмөндөгүлөрдү сунуш кылат:1) илимий жактан текшерилген жана негизделген көрсөткүчтөрдүн болушун камсыз кылуу керек, ал үчүн, Кыргызстанда инновациялык потенциалды аныктоо боюнча дүйнөдөгү колдонулган көрсөткүчтөрдүн көпчүлүгү жок экендигин тастыктайт; 2) Кыргызстанда инновация боюнча статистикалык база бар, айрымдар база жок ошол үчүн көрсөткүчтөр жок деп далилдешкиси келишет,автор аны жокко чыгарат; 3) өлкө боюнча толук инновациялык потенциалды баалоо үчүн региондор боюнча көрсөткүчтөрдүн статистикалык учету бар болсо, баалоо өтө толук мазмунда ишке ашат; Учурда инновация жаатында Кыргызстанда региондор боюнча эмес, республика боюнча да эл аралык статистика колдонгон көрсөткүчтөрдун айрымдары гана колдонулат.

Рыноктук экономиканын шарттарында, адамзатка актив (бухгалтериялык термин-материалдык баалуу заттар жана мүлктөрү) катары мамиле жасоого негизделген б.а. мамлекет, бизнес жана жеке жактар шериктеш болуп аны (актив катары) пайдалануудан киреше алууга кызыкдар катары ага инвестиция салуусу-социалдык саясатты тургузуунун талашсыз зарылдыгы болуп калды. Өлкөнүн жогорку жетекчилигинин “саламаттыкты сактоого, билим берүүгө жана маданиятка ушунча акча жумшалды” деген маанидеги билдирүүлөрү эми өткөн чак болуш керек да, анын ордуна коомдук ан-сезимге “адамдык капиталга инвестиция жумшоо” деген түшүнүктөр орун алышы керек. Кандай инвестициялар жумшаларын сүрөт түрүндө чагылдырууга аракет жасайлы. Ар бир тармакта өзүнүн инновациялык модернизация кылуучу минитармактары болот,ошолорго салынган инвестициялардын жалпы суммасын ар тармак боюнча аныктоого да оңой жол берилет. Төмөндөгү сүрөттү карап көрөлү (5.2-сүрөт).




**5.2-сүрөт – Адамдык капиталга салынган инвестициялардын түрлөрү**

## КОРУТУНДУ

Калктын жашоо сапатынын жана денгээлинин адамдык капиталдын түптөлүшүнө,түзүлүшүнө тийгизген таасирин экономикалык жактан изилдөөлөрдүн жыйынтыгы төмөндөгүдой негизги жыйынтыктарды, жана сунуштарды келтирүүгө мүмкүндүк берди.

1. Дүйнөлүк экономикалык коомдун өнүгүшүндөгү адамдык капиталдын концепциясы анын структурасы, байлык, улуттук байлык, жыргалчылык жана калктын жашоо сапаты жана денгээли жөнүндө өлкөбүздөгү жана чет өлкөлүк изилдөөлөрдөгү классикалык теориялардын ортосундагы кандай байланыш (генезис) бар экендигине, кантип бирин бири толуктай тургандыгына, жаңы көз караш менен Кыргызстандын шартынан анализ берилди салыштыруулар жүргүзүлдү. Айрыкча кыргыз тилинде жашоонун сапаты жана турмуштун сапаты деген эки категорияны бөлүп кароого, аларга анализ берүүгө аракет жасалды, бирин бири толуктаган түшүнүктөр катары тастыкталды.

2. Жашоо →керектөө → кызыкчылык → баалуулуктун багыттары →адамдык баалуулуктардын топтому деген системаны басып өткөндө эң өнүккөн, адамдык капиталы калыптанган коом деген түшүнүккө келерибизге, анын жолдоруна кенири анализ берилди.

3. Бүтүндөй адамдык капиталдын чоңдугун, жумшалган инвестициялардын суммасы менен аныктоо керек эмес, анткени бул убакта синнергетикалык натыйжа (кошулуунун эсебинен көбөйүү) даана көрүнөт да адамдык капиталдын амортизациясы эске алынбай калат,ал эми мультипликаттуу методду колдонуу адамдык капиталдын чоңдугун баалоого жана аны өнүктүрүүгө жумшалган инвестициянын натыйжалуулугун анализдөөгө мүмкүндүк берет деген жыйынтыкка келинди.

4. Жашоонун сапатын (анын категорияларын) анын курамынын; эмгек ресурстарындагы кырдаал, жумушсуздук, жакырчылык,билим берүү,айлана чөйрөнү коргоо жана инновация боюнча, ар бирини өзгөрүшүн мүнөздөгөн,баалаган, буга чейин биздин өлкөдө колдонулбаган башка өлкөлөрдө колдонулган, экономикалык индикаторлордун бирдиктүү интегралдаштырылган компоненттеринин системасы сунуш кылынды. Ушул индикаторлордун толук курамы болгондо гана баалоо толук кандуу болору көрсөтүлдү.

5. Жакырчылыктын денгээлин аныктоонун методикасы ар тараптан талданып, жакырчылыкты аныктоо боюнча өлкөдө жашоо минимумунун суммасын жакырчылыктын чеги, босого (порог) катары алуу сунуш кылынды. Жакырчылыкты аныктоодо мурункудан башка сапатттуу деңгээлде аныктоочу көрсөткүчтөр,жашоо сапатынын стандартын иштеп чыгуу сунуш кылынды.

6. КМШ өлкөлөрү менен салыштырылып эмгек ресурстарын, жумушсуздукту эсептөө, аныктоо боюнча жаны абалдарды колдонуу, интервью жүргүзүүдөгү мүчүлүштүктөр көрсөтүлүп, аларды мыйзамдаштыруу боюнча сунуштар берилди.

7. Калктын курамын керектөөнүн мүнөзү жана жеке кирешесинин өлчөмүн анализдөө аркылуу диагностика кылуу менен Кыргызстандын калкын катмарга же 4 тапка, социалдык класстарга, бөлүү сунуш кылынды. Айыл калкынын социалдык статусун аныктоого, 3 катмарга бөлүү боюнча аракет жасалды.

8. Жумушсуздукту аныктаган эл аралык жана КМШ өлкөлөр аралык индикаторлорду анализдеп улуттук менен салыштырып Кыргызстанда

жумушсуздукту аныктоонун, эсептөөнүн методологиясын кайрадан карап чыгуу, жумушсуздуктун жаңы түрлөрү аныкталып сунуш кылынды.

9. Кыргызстандын региондорунда калктын жашоо денгээлин, анын тенденциясын анализдөө менен региондордордо адамдык капиталдын өнүгүүсүн индекстери аныкталып аймактык диспропорциялар, аймактарда бул индекс кайсы региондо төмөн экендиги аныктоого жетишилди.Коомдун жана экономиканын өнүгүшүнүн негизги фактору катары, билим берүүнүн мааниси өзгөчө бөлүнүп көрсөтүлдү.

10. Калктын жашоо сапатын жакшыртуу үчүн айлана чөйрөнү коргоодо, демографияда, миграцияда, билим берүүдө көптөгөн кемчилитер бар экендигин, аларды чагылдырган эл аралык көрсөткүчтөр жок экендигин, аныкталбагандыгы көрсотүлдү.Андыктан аларды толуктоо маселеси ушул багытта отчет тапшыргандардын жоопкерчилигин көтөрүүгө байланыштуу экендиги, КР окмот тарабынан бир топ мыйзам жаатында практикалык уюштуруу иштерин аткаруу керек экендиги сунушталды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР

1. Статистикалык маалыматтарды түптөөдө калктын жашоо деңгээлинин өнүгүүсүн көрсөтүүчү төмөнкү интегралдашкан индекстерди колдонуу керек: 1. Адамдык капиталдын өнүгүү индекси (АПӨИ); 2. Өнүгүп бара жаткан өлкөлөр үчүн калктын жакырчылыгынын индекси (КЖИ-1); 3. ОЭСРга мүчө-өлкөлөрдүн калкынын жакырчылыгын индекси (КЖИ-2); 4. Гендердик фактордун өнүгүү индекси (ГФӨИ), же гендердик теңсиздик индекси (ГТИ); 5. Аялдардын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүнүн көрсөткүчтөрү (кыскартылганда АМКК); 6. Эл аралык бакыттын индекси; 7. Теңсиздикти эске алуу менен адамзаттын өнүгүү индекси (ТЭААӨИ); 8. Көп өлчөмдүү жакырчылык индекси (КӨЖИ).

2. Коомдун мүчөлөрүнүн кирешеси боюнча учурдагы абалын толук чагылдыруу үчүн байлар жана жетиштүү абалдагылар; орто камсыз болгондор; жакырлар жана өтө жакырлар (томаяктар) деп төрт социалдык катмарга бөлүү сунушталат.

3. Калктын эсебин алуу боюнча ишти комплекстүү уюштуруу жана жүргүзүү максатында Кыргызстан боюнча социалдык-экономикалык тармактагы мыйзамдарды, инструкцияларды сөзсүз түрдө мониторинг жасап чыгуу бүгүнкү күндүн негизги талабы. Анткени мыйзамдаштырылган атайын экономикалык, статистикалык, социалдык изилдөөлөрдү уюштуруу кеңири статистикалык база түзүүгө шарт түзөт, бул болсо өз кезегинде башкаруу боюнча чечимдерди кабыл алууга негиз болуп кызмат кылат.

### Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектеринин тизмеси:


***Монографии:***

1. Садыралиев, Ж. Региондун инвестициялык потенциалын баалоону өркүндөтүүнүн жолдору (Жалал-Абад облусунун мисалында) [Текст]: монография / Ж.Садыралиев. - Жалал Абад: Изд-во ЧП., 2016. - 108с.

***Научные статьи:***

1. Садыралиев, Ж. Жалал-Абад облусунда эмгек потенциалын пайдаланууну жакшыртуунун жолдору жөнүндө [Текст] / Ж. Садыралиев, А.Б. Карбекова // Вестник ЖАГУ. - 2014. - № 1. - С.196-200. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=35645003
2. Садыралиев, Ж. Демографическое развитие Кыргызской Республики-проблемы, тенденции, перспективы [Текст] / Ж. Садыралиев // Экономика и предпринимательство. – М., 2017. - № 12, Ч.3. - С.303-306. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=32878109

3. Садыралиев, Ж. О численности и размешения населения Кыргызской Республики [Текст] / Ж. Садыралиев // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. - Новосибирск, 2018. - №1. - С.72-76. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=32432995
4. Садыралиев, Ж. Влияния уровня жизни населения на показатели рождаемости (на материалах КР) [Текст] / Ж. Садыралиев // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. - Новосибирск, 2018. - №3. - С.217-220. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=32811086
5. Садыралиев, Ж. Проблемы занятости сельского население в КР[Текст] / Ж. Садыралиев // Бенефициар. - Кемерово, 2018. - №20. - С.24-29. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=32642967
6. Садыралиев, Ж. Бедность в Кыргызстане: структура, виды и проблемы их проявление [Текст] / Ж. Садыралиев // Сборник статей XXIV международной научной конференции: Современная экономика.- Кемерово, 2018. – С.3-7. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=35006635
7. Садыралиев, Ж. Проблемы безработицы населения в Кыргызской Республике [Текст] / Ж.Садыралиев // Экономика и предпринимательсво. – М., 2018. - №3. - С.561-564. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=32844043
8. Садыралиев, Ж. Доходы населения как важный фактор качества жизни населения (на примере КР) [Текст] / Ж. Садыралиев // Экономика и предпринимательсво. – М., 2018. - №5. - С.504-507. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=35001657
9. Садыралиев, Ж. Влияние экологической обстановки, окружающей среды на уровень и качества жизни населения в Кыргызстане [Текст] / Ж. Садыралиев // Вестник ПНИПУ. Социально-экономические науки. - Пермь, 2018. - №4. - С.350-362. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=42509999
10. Садыралиев, Ж. Основные направления развитии экономики Жалал Абадской области в условиях развитии регионов КР [Текст] / Ж. Садыралиев, А. Зулпукаров // Вестник ЖАГУ им Б Осмонова. - 2018. - № 3 (38). - С.78-83. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=35139108
11. Садыралиев, Ж. Теневая и неформальная экономика в Кыргызстане [Текст] / Ж. Садыралиев, С.С. Уметов // Экономика и бизнес: теория и практика. - Новосибирск, 2019. - № 3-2. - С.93-99. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=37373200
12. Садыралиев, Ж. Непрерывная мотивация труда главной фактор успешного развития аграрного сектора [Текст] / Ж. Садыралиев, С.С. Уметов // Экономика и бизнес: теория и практика. - Новосибирск, 2019. - № 5-3. - С.118-120. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=38498101
13. Садыралиев, Ж. Проблемы и перспективы развития туристско-рекреационного потенциала КР [Текст] / Ж. Садыралиев, А.Б. Карбекова // Вестник ЖАГУ им Б Осмонова. - 2019. - № 4. - С.82-89. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=42509998
14. Садыралиев, Ж. Кыргыз Республикасында билим берүүнүн адамдык капиталдын калыптанышына тийгизген таасири [Текст ] / Ж. Садыралиев // Известия ВУЗов. - 2019. - № 12 – С.88-93.- Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=45652207
15. Садыралиев, Ж. Понятие человеческого капитала: структура, квалификация, методы оценки [Текст] / Ж. Садыралиев, С.С. Уметов // Финансовая экономика. – М., 2020. - №10. - С 277-282. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=44216665
16. Садыралиев, Ж. Особенности демографического развития Кыргызской Республики в условиях рыночной экономики [Текст] / Ж. Садыралиев // Бенефициар. - Кемерово, 2021. - № 90. - С-22-27. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=44709723
17. Садыралиев, Ж. Сравнительный анализ стран мира с Кыргызстаном по ИРЧ с учетом неравенства [Текст] / Ж. Садыралиев // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. - Новосибирск, 2021. - №1-2 (52). - С.146-151. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=44704476
18. Садыралиев, Ж. Миграционные процессы в современных условиях – закономерность [Текст] / Ж. Садыралиев, С.С. Уметов // Экономика и бизнес: теория и практика. - Новосибирск, 2021. - № 2 -2(72). - С.137-140. - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=44831768
19. Садыралиев, Ж. Сопоставления понятий уровня и качества жизни: субьективное наполнение [Текст] / Ж. Садыралиев // Тенденции развития науки и образование. - Самара, 2021. - №70-3. - С.67-73 - Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=44793310
20. Sadyraliev, Zh. The Main Directions of Digital modernization of the Agro-Industrial Complex of a Modern Region //Zh. Sadyraliev, A. B. Karbekova, D.A. Osmonalieva, A.K. Urmatayim [Text] // Studies in Computational Intelligence. - 2019. - T.826. - P. 949 - 955.- Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id =38994076

**Садыралиев Жандаралынын "Кыргызстанда адамдык капиталдын калыптанышына калктын жашоо сапаты жана денгээлинин тийгизген таасирин статистикалык жактан изилдөөнүн методологиясы (Кыргыз Республикасынын мисалында)" аттуу 08.00.05-Экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** адамдык капитал, адамдык потенциал, адамдык капиталдын концепциясы, калктын жашоо сапаты жана деңгээли, жыргалчылык, интегралдашкан көрсөткүчтөр, эмгек ресурстары, жумушсуздук, жакырчылык, инновация, илим-билим, айлана чөйрөңу коргоо, жашоо минимуму, жакырчылык чеги.

**Изилдөөнүн максаты** болуп Кыргыз Республикасында адамдык капиталдын калыптанышына калктын жашоо денгээлинин жана сапатынын тийгизген таасирин аныктоонун, экономикалык-статистикалык жактан анализдөө, баалоо жана божомолдоо боюнча комплекстүү методологияларын иштеп чыгуу болуп саналат.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо сапаты, деңгээли жана жыргалчылыгы эсептелинет.

**Изилдөөнүн предмети** болуп Кыргыз Республикасында адамдык капиталдын калыптанышына жашоонун сапатынын жана деңгээлинин тийгизген таасирин божомолдоо, баалоо жана экономикалык-статистикалык жактан анлиздөөнүн комплекстүү методологиялары эсептелет.

**Изилдөөнүн ыкмасы.** Диссертациялык иште изилдөөнүн экономикалык-статистикалык, аналитикалык, салыштырма жана системалык талдоолор жана эконометрикалык ыкмалар колдонулду.

**Алынган жыйынтыктар жана изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Кыргызстандын шартында адамдык капиталдын калыптанышына башка өлкөлөргө караганда өзгөчөлөнгөн мамиле кылууну, мүмкүн болушунча бир жактуу мамиле кылбастан ага таасир эткен бардык факторлордун кошо жумшоо жагын изилдөө белгиленди. Кыргызстандын шартында жашоо сапаты деген категорияны толуктаган турмуштун сапаты деген жаңы категорияны киргизип негиздеп жатат. Адамдык капиталды калыптандыруу үчүн жашоонун сапатын жакшыртуу керек экендигин бирок аны сандык жактан аныктаган көрсөткүчтөрдүн керектүү топтомусуз адамдык капиталды аныктоого болбой турган бирдиктүү процеесс экендигин көрсөттү. Кыргызстанда калктын кирешесине ылайык калкты стратификациялоо жүргүзүлдү, өлкөдө калктын төрт социалдык катмары (тап) бар деп аныкталды. Демографиялык, эмгек рыногунун өзгөчөлүгү гендердик теңсиздик аныкталып, алардын адамдык капиталдын калыптанышына кандай таасир тийгизери аныкталды. Кыргызстандын шартында "жашырылган жумушсуздук", "аргасыз жумушсуздук" деген категориялар аныкталып, "толук кандуу жумушсуз" дегендер 30-40%ды түзөөрү сунушталды.

**Колдонуу чөйрөсү жана деңгээли**: Изилдөөнүн негизги натыйжалары экономика министрлигинин, саламаттыкты сактоо, билим берүү министрлигинин анын жер жерлердеги бөлүмдөрүнүн, УСКнин жана анын региондогу башкармалыктарынын, практикалык иши менен тыгыз байланышкан, ошондуктан бул структуралар Кыргызстандын калкынын жашоо сапатын туура баалап, БУУ талап кылган көрсөткүчтөр менен камсыз кылуу аркылуу анын эл аралык имиджин көтөрүүдө диссертациялык иштин айрым жыйынтыктарын, сунуштарын колдонсо болот. Мындан сырткары жогорку окуу жайларынын экономикалык адистиктериндеги окуу процессинде колдонулуп жатат.

# РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Садыралиева Жандаралы на соискание ученой степени доктора экономических наук по специальности 08.00.05 – Экономика и управление народным хозяйством на тему “Методология статистического исследования влияния качества и уровня жизни населения на формирование человеческого капитала в Кыргызстане (на примере Кыргызской Республики)”**

**Ключевые слова:** человеческий капитал, человеческий потенциал, концепция человеческого потенциала, качество и уровень жизни населения, благополучие, интегрированный показатель, трудовые ресурсы, безработица, бедность, инновация, образование и наука, защита окружающей среды, прожиточный минимум, черты бедности.

**Целью исследования** является разработка комплексных методологий по определению, экономико-статистическому анализу, оценке и прогнозированию влияния уровня и качества жизни населения на формирование человеческого капитала в Кыргызской Республике.

**Объектом исследования** является качество, уровень жизни и благосостояние населения Кыргызской Республики.

**Предметом исследования** является комплексная методология прогнозирования, оценки и экономико-статистического анализа влияния качества и уровня жизни на формирование человеческого капитала в Кыргызской Республике.

**Методы исследования.** В диссертационной работе применены экономико-статистический, аналитический, сравнительный, системного анализа и эконометрический методы исследования.

**Полученные результаты и научная новизна исследования:** В условиях Кыргызстана необходимо изучить подход к формированию человеческого капитала иначе, чем в других странах, объединить все факторы, которые на него влияют, без предубеждения. Автор вводит и устанавливает новую категорию – качество проживания, которая дополняет категорию качества жизни в условиях Кыргызстана. Он показал, что для наращивания человеческого капитала необходимо повышать качество жизни, однако это единый процесс, который невозможно определить без необходимого набора показателей, которые его количественно определяют. Проведена сертификация населения в Кыргызстане по доходам, определено, что в стране имеются четыре социальных слоя (класса). Выявлены демографические характеристики, особенности рынка труда, гендерное неравенство и их влияние на формирование человеческого капитала. В условиях Кыргызстана определены категории «скрытая безработица» и «вынужденная безработица», и предложен показатель так называемой «полной безработицы», которая составила 30-40%.

**Сфера и уровень применения:** Основные результаты исследования тесно связаны с практической работой Министерства экономики, Министерства здравоохранения, Министерства науки и образования и его отделений на местах, НСК и его региональных управлений, и поэтому эти структуры могут применять некоторые результаты и рекомендации диссертации для поднятия международного имиджа страны путем правильной оценки качества жизни населения Кыргызстана, обеспечения индикаторами, требуемыми ООН.

Кроме этого, результаты применяются в учебном процессе подготовки специалистов экономического направления в высших учебных заведениях.

**Resume**

**Sadyraliev Zhandaraly**

**Methodology for statistical study of the impact of quality of life and living standards on the formation of human capital in Kyrgyzstan (on the example of the Kyrgyz Republic).Dissertation for the degree of Doctor of Economics, majoring in Economics and Management of the National Economy.**

***Keywords:*** human capital, human potential, concept of human capital, quality and standard of living, welfare, integrated indicators, labor resources, unemployment, poverty, innovation, science and education, environmental protection, subsistence level, poverty line.

**The purpose of the study** is to develop a comprehensive methodology for determining the impact of living standards and quality of life on the formation of human capital in the Kyrgyz Republic, economic and statistical analysis, assessment and forecasting.

**The object of study** is the quality of life, standard of living and welfare of the population of the Kyrgyz Republic.

**The subject of the study** is a comprehensive methodology of forecasting, assessment and economic and statistical analysis of the impact of quality and standard of living on the formation of human capital in the Kyrgyz Republic.

**Research method** the dissertation used economic-statistical, analytical, comparative and systematic analysis and econometric methods of research.

**The results obtained and the scientific novelty of the study:** a different approach to the formation of human capital in the context of Kyrgyzstan, It was noted that the study of the inclusion of all the factors that affect it without taking a one-sided approach as possible. In Kyrgyzstan, it is introducing a new category called quality of life, which complements the category of quality of life. It was stressed the need to improve the quality of life in order to build human capital, but it is a single process that can not be determined without the necessary set of indicators that quantify it. In Kyrgyzstan, population stratification was carried out in accordance with the income of the population, it was determined that the country has four social strata (classes). Demographic and labor market specifics identified gender inequality and how they affect the formation of human capital. In the condition of Kyrgyzstan, there were found the categories of "hidden unemployment" and "forced unemployment" have been identified, and it is proposed that those who are "full-time unemployed" make up 30-40%.

**Scope and level of application:** The main results of the study were obtained from the Ministry of Economy, the Ministry of Health and its field offices, the NSC and its regional offices, this structure is closely related to the practical work, so this structure accurately assesses the quality of life of the population of Kyrgyzstan and provides some of the results of the dissertation in translating its international image by providing it with the indicators required by the UN, suggestions can be used. In addition, it is used in the educational process in economics in higher education.

Подписано к печати 10.02.2021 г.
Формат 60x84x1/16. Усл. печ. л. 3.
Печать лазерная. Заказ № 24-03. Тираж 100 экз.
Отпечатано: Центр оперативной полиграфии
г. Жалал-Абад, ул. Жени-Жок, 30-А